Рысбек Салбаров



# Өмүр балладасы

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
С 16

Китепти жарыкка чыгарууга жардам берген ***Маматкадыр уулу Авазбекке, Маматкадыр уулу Арстанбекке*** терең ыраазычылык билдирем.

*Автор*

Салбаров Рысбек.
С 16 Өмүр балладасы: Ырлар ж-а легендалар.
– Б.: Полиграфбумресурсы, 2010. 140 б.

ISBN 978-9967-26-070-2

Акын Рысбек Салбаровдун бул китебинде көп жылдардан бери жазып келе жаткан ырлары топтолду. Анын ичинен туулган жер жөнүндө, анын табигатына, сулуулугуна арналган ырлар, ашыктык ырлары, махабат, сүйүү ырлары, ар кыл ата-энеге, бир тууганга арналган ырлары, ошондой эле «Көк-Арт баяны», «Келин-Таш» деген легендалары киргизилди.

С 4702300200-10
УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-26-070-2
© Салбаров Р. 2010.

## ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИЙГИЛИК КААЛАЙМ

Мен акын Рысбек Салбаровдун чыгармачылыгы менен студенттик мезгилден бери таанышмын. Кийин көп жылдар бою тизгиндеш, үзөңгүлөш журналисттик кесипте бирге иштештик.

Жакында Рысбек Салбаровдун сезимди селп эттирген жаркын саптары менен кайра жолуктум. Эбак эле жетилип, калеми төшөлүп, кыргыздын мен деген акындары менен атаандаша турган деңгээлде өсүп жетилгени мени айрыкча кубандырды.

Акындын көлөмдүү поэма, дастандарды жаратуу мүмкүнчүлүгү өтө чоң экендиги анын «Баяман», «Акмактым» поэмаларынан көрүнүп турат. Анын татынакай ырлары да окурмандарды кайдыгер калтырбас.

Келечегинен көптү күтүп, кыргыз эли үчүн өлбөс чыгармаларды жаратып берерине ишеним арталы да, Рысбек акынга ак жол каалайлы.

*Маркабай Ааматов,*
*Акын, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты,*
*Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.*

# ТУУЛГАН ЖЕР ЖӨНҮНДӨГҮ ЫРЛАР

*... Көк-Артым, көздөн учуп көрк, келбетиң,*
*Мен келем медер байлап, сени сурап.*

## КӨК-АРТЫМ

Самсаалап ак булуттар убап-чубап,
Көк челген тоолоруңду турат чулгап.
Көк-Артым, көздөн учуп көрк, келбетиң,
Мен келем медер байлап сени сурап.
Эстетет эңсөө таза жаштыгымды,
Мөлтүрөп мөңгү астынан аккан булак.

Көрк берип көк өзөнгө көрктүү жайда,
Күргүштөп күкүктөнүп батпай сайга.
Көгөртүп мөмө бакты, дан талааны,
Келтирип элет жерге эң зор пайда.
Карытып кылымдарды жатат агып,
Кадимтен картайбаган тунук дайра.

Дайрада элет элдин ырлары бар,
Арылган азабы бар.., жыргалы бар.
Уланып урпактарга санат болуп,
Узакка айтылуучу сырлары бар.
Дайрада агымдардай аруу, таза,
Топуктуу толук элдин ыйманы бар.

Дайрада элет элдин үмүтү бар,
Эзелки Жан кейиткен күйүтү бар.
Байыркы бабалардын урпактарга
Барчылык тартуулаган үлүшү бар.
Ак шоокум агымына жуурулушкан
Арзуусу, махабаты, сүйүүсү бар.

Тамчыңдай аруу таза жаш чагыма,
Тагы жок балалыктын асманына...,
Мен келем миң кайрылып, өмүр кечип
Биригип, жуурулушуп ак шарыңа.
Бүтө албай ырларымды сага арналган
Күмүштөй ак киргенче чачтарыма...

## АЛА-ТООМ

Карап турсам: көзгө сүйкүм чар тарап,
Көбүк бүркүп көк ирим көл чайпалат.
Чокулары ак булутту жазданып,
Көрктүү тоолор көктү тиреп чалкаят.

... Канат байлап, кайратымды ченесем,
Жымыңдаган жылдызыңа теңдешем.
Кылымдардан мекен болгон кыргызга,
Кең Ала-Тоом – буурул чачтуу энекем!

## КАЛМАК-КЫРЧЫН

Көз артып жер көркүнө далай кылым,
Тарытып тоолуктардын Ата журтун.
Жуңгарлар тартып алмак болушканда,
Курманбек салган экен кандуу кыргын.

Жеңилип мизи кайткан сапарында,
Дөлөн хан кайра артына качаарында.

Душмандын канын көксөп, жанын көксөп,
Тоолорго чөгүп күндүн батаарында..,

Жуңгардын колун бүтүн кырып такыр,
Экинчи жолотпоско берип антын.
Артынан сая түшүп биротоло,
Атынан оозун буруп кайран батыр..,

Тыптыйпыл бүлүктү эми салаарында,
Кетпес кек, өчпөс өчтү алаарында.
Кош-Андан бели үзүлүп Койкүрөңдүн,
Жөө калды жөндөй албай жарагын да...

Айла жок. Аттиң.., аттиң! Арман дүйнө,
Аз Берген жакшы өмүрдү жалган дүйнө!
Артынан найза уруп кыйды Дөлөн,
Амал менен баатырды салды көйгө.

Курманбек эң акыркы салган кыргын,
Аталып майдан талаа – Калмак-Кыргын..,
Баатырдын сөөгү жаткан элет айыл,
Айтылат андан улам Калмак-Кырчын

– Талаанын күн батыш жак тарабында,
Көк-Арттын күнгө беттеш алабында.
Досу Аккан күмбөз салып кызыл кыштан,
Жашырган сөөгүн, жабдык-жарагын да...

Ыйык деп көп кылымдар корулган жер,
Казанасы уук бою оюлган жер.
Жер менен жексен болуп бараткан да,
Баатырдын сөөгү аруулап коюлган жер..,

– Көк теңирдин жаркыган күнү тийип,
Күнкорсуз мекенимдин нуру тийип.
Ордуна орноду азыр жаңы күмбөз,
Баатырга урпактардын сыйы тийип.

... Алла-Эгем аткарсын! -деп, үмүттөрүн,
Ар күнү алкап батыр жигиттерин.
Арбагы элин коргоп жатат баатыр,
Алыстан тыңшап күлүк дүбүрттөрүн...

## САРЫ-БУЛАК

Айылым кичинекей - Сары-Булак,
Акактай мөл булагың - дары булак.
Кошулдум турмуштун чоң дайрасына,
Ак маржан өзөнүңдүн шарын улап.

Сагынам алыс жүрсөм жан апамдай,
Санжыра, асыл мүлкүм жана атамдай.
Садага жаным сага, Сары-Булагым,
Мекеним, мени өстүргөн алакандай.

Эстесем өткөн чакты - кечээгимди:
Бүлдүркөн терип бойлоп өзөнүңдү,
Өрдөштөн алмаңды жеп, алча терип
Өткөрдүм ойноо бала кезегимди.

Турпагың кайда жүрсөм тартып турат,
Көргөндө көөнүм толуп чалкып турат.
Турпатың карегиме Сурма болуп,
Сага деген сагынычым артып турат,
Айылым кичинекей - Сары-Булак...

## ТООЛОРУМ

Тоолорум - мекеним алпештеген,
Кымбат да, ыйык мага сенин баркың.
Көңүлдү сергиткен абаң атыр,
Тоолорум, сууң мүрөк, ташың алтын.

Бабалар басып өткөн коюнунда,
Картайбас канча кылым издери бар.
Бир чети алигече оюлбаган,
Тоолорум, сенде далай изденүү бар.

Арытып кебелбестен сан кылымды,
Көк кашка сууларың мүрөк болуп.
Келесиң ак калпактуу кыргызыма,
Кебелбей ар дайыма тирек болуп.

Асканда жазылбаган сырын катып,
Ак калпак бабалардын ойлору бар.
Тоо мүнөздүү калкыңдын тиш тийбеген,
Жазылчу далай-далай томдору бар.

Тоолорум - мекеним алпештеген,
Кымбат да, ыйык мага сенин баркың.
Көңүлдү сергиткен абаң атыр,
Тоолорум, сууң мүрөк, ташың алтын.

## НИЧКЕ-САЙ

Ничке-Сай, сенин төрлөрүң,
Балалык кезде бүт бастым.
Аралап конуш, өрлөрүң,
Ышкынын тердим Үч-Чаттын.

Балалык өттү койнуңда,
Баркыңды баалап сеземин.
Эскерүү парзы мойнумда,
Эсимде тунук өзөнүң.

Кыялдар турат жетелеп,
Кылаасы салкын төрлөргө.
Элестер келет өтө көп,
Өзүңдү дайым көргөндө.

Кымыздык даамдуу булагың,
Канчалык жутса танбаган.
Гүл аңкып турган тулаңың,
Жытына кумар канбаган.

Дары чөп толо төрүңдө,
Балтыркан, согон, көбүргөн.
Төрт түлүк батпай өрүңдө,
Төлү арбып, ыңкып семирген.

Көк кашка тунук суу аккан,
Көркөмү артык сайың бар.
Көк тирейт кылым узаткан,
- көк чатыр кийген кайыңдар.

Бой жеткен кыздай суйкаят,
Самби тал, четин, моюлдар.
Ыргалып желге суйсалат,
Кымыздык, ышкын, сонундар.

Кареги окшоп сулуунун,
Мөлтүрөйт бышкан карагат.
Ничке-Сай, жайлоом, тунугум,
Көргөнгө сени дамамат.

Көп жылды артка калтырган,
Көк тармал чачтуу арчалар.
Көргөндүн сугун арттырган,
Капкара, кызыл алчалар.

Чулп этип сууда ойногон,
Күмүш жон, ак боор балыгың.
Суу бойлоп суусар жойлогон,
Чулдугуң аңдып сайыңдын.

Акчечек, кайың башына,
Жагалмай салат уясын.
Койнуңдан сулуу татына,
Кооздукту артык туясың.

Ничке-Сай, сени көргөндө,
Саналуу ойдон арылам.
Балалык калган төрлөргө,
Барууга дайым зарылам...

## КӨК-АРТ МЕНЕН СЫРДАШУУ

Иликтеп көөнө сөз артын,
Көөнүмдү сага көп арттым.
Көрк берген куттуу өрөөнгө,
Көркөмдүү дайрам - Көк-Артым.

Билбестир бир да жан сырың,
Биз билген сенин кай сырың?
Шарында канча тарых бар,
Бир нукта аккан сан кылым?

Кылымга татыыр даамың бар,
Кыргызым койгон наамың бар.
Көп кызмат берген жашоо үчүн,
Кымбатым дайрам, багың бар.

Ой келет мага күнү-түн,
Оболоп көктөп үмүтүм.
Окшотом сенин мээриңе,
Обо энем берген сүйүүсүн.

Көчүүндү кимдер кечти экен,
Кептешкен кимдер өттү экен?
Байралган калктар кылаанда,
Баркыңды канча сезди экен?

Кечкендер доспу, тууганбы,
Мингени тулпар бууданбы?
Кас болсо, эгер, кармашып,
Канча кан акты суудан бу?

... Казатта жеңип уткан дейт,
Эзелтен элет ыкчам дейт.
Кандырып сенден чаңкоосун,
Курманбек баатыр жуткан дейт.

- Кармашып Калмак-Кырчында,
Калмактын туусун жыккан дейт.
Жээгиңди бойлоп жай алган,
Жердештер баштан сырттан дейт.

Сырттаны сырттан.., жок шегим,
Санасаң эгер топ тегин.
Санаттуу Чыйбыл, Нусуптун,
Санжырасынын жок чеги.

- Кастарлуу ишти улаган,
Калкымдан башын кураган.
Калыстык кептен жаңылбай,
Казакка чейин сураган.

От болуп күйгөн чагында,
Олжолуу Султан маалында.
Орошон суга бой таштап,
Ошолор ойноп шарыңда..,

Ошолор кечкен кечиттен,
Обонуң тыңдап эшиткен.
Ай чыккан түндө ашыгын,
Аймалап беттен көөшүткөн.

... Агымың карап үңүлсөм,
Ак жолтой сырттан сүрү бар.
Ак шарың менен агылган,
Акактай тунук сүйүү бар.

Махабат сенде болжолсуз,
Миңдеген тамчы.., миң тамчы.
Миң жылдап өңдөн азбайын,
Мага да берчи бир тамчы?!

Санатың анан санайын,
Санжырган издеп табайын.
Садага болсун жүрөгүм,
Сары улак кылып чабайын.

Санаамды аяп нетейин,
Садагаң болуп кетейин!
Ичээр суум сенден бүткөнчө,
Санатың айтып өтөйүн!

Ойноо кез бала чагымда,
От болуп күйгөн маалымда.
Ой менен өлчөп ченегис,
Обонум калды шарыңда.

Биринчи сага сырдаштым,
Биринчи сага ыр жаздым.
Бириккен кенедейинен,
Билсең, мен сенин кыйбасың.

Көк-Артым, көп жол баскансың,
Көп сырды каткан дастансың.
Көөнө кылым баянын,
Көрсөң да мага айтпассың.

Көшөрбөй эми сыр катып,
Көкөйүң айтчы, тил катып.

Эмине мөрөй тапты элең,
Эзелтен бери тим жатып?

... Мезгилим басып өтөөрмүн,
Мен дагы сенден көчөөрмүн.
Үн катып койчу бир жолу,
Эмне эле мынча көшөөрдүң?

Анда да шул агымың,
Анда да ушул калыбың..,
Арманым катып шарыңа,
Атабай койсоң.., наалыдым.

Айла жок, дайрам, ага бер,
Аркырап шоокум сала бер.
Агарсын көөнүң кир чалбай,
Арманың болсо, мага бер!

Кез келген чакта батаар күн,
Кеткенде сенден сапарым..,
Кыйбасым-дайрам, кылаанда,
Кыймылың сезип жатаармын...

## САЙМАЛУУ-ТАШ

Саймалуу-Таш – санжырасы тарыхтын,
Эстелиги сак жана усун калыктын.
Сайма чеккен пенделердин элесин,
Сактап канча кылымдарды арыттың.

Саймалуу-Таш, сен сыймыгы Көк-Арттын,
Сыйкыр күчтү катып келген ташыңа.
Улар оттойт кереметтүү үн салып,
Уя салып улуу тоолор башына.

Саган ашык нечендеген сүрөткер,
Табышмагың табууда көп күрөштөр.

Саймалуу-Таш - кереметтүү ыйык жер,
Эркиң жетсе, жетип ага түнөп кел!

Касиет бар ажайып кооз көлүңдөй,
Бейиш төрүң көрөт пенде өңүндөй.
Көпкөк ирим сыйкыр чайып кулпурган,
Сүйкүмү анын сүт ботонун көзүндөй.

Пендебиз да.., сырын уурдап асканын,
Убалына калабыз го канчанын.
Кароосуздан кетип жатат ташылып,
Сүрөт чийген кереметтүү таштарың.

... Санжырасы, көөнө узак тарыхтын,
Дагы далай кылымдарды арыткын.
Кабар берчү сенсиң тирүү элеси,
Санжыралуу сак жана усун калыктын.

# АШЫКТЫК ЫРЛАРЫ

*... Өксүп, өксүп.., Өкүнч Эстен тандырып,*
*Каракөзүм, мени бир жол эстээрсиң!*

## ЧУ, ЖАНЫБАР!

Чу, жаныбар! Бул жолку жолум татаал,
Чымырканып тартабыз алыс сапар.
Чыңалган көкүрөктө кош алмасы,
Чырактай пери калат моюндашаар.

Мезгилди басыгында карытабыз,
Мелжиген жолду чогуу арытабыз.
Мейкинди жалгыз ээлеп, булут кууган,
Менсинген шамал менен жарышабыз.

Аскар тоо, көк мелжиген кырды ашабыз,
Аруулук сезимдерге бир батабыз.
Айлуу түн коюнунда сапар алып,
Асманда жылдыз менен сырдашабыз.

Жол жүрүп, кайрат, каруу талганчакты,
Жомоктой дүйнө бүтүп тарганчакты.
Издейбиз кайып болгон махабатты,
Изинен түк адашып калганчакты...

## ЖАЗГЫ КАЙРЫКТАР

*(Түрмөк)*

Жер-Эне денин жылытып,
Алтын Күн амал, тап берет.
Өрдөк, каз ойноп көлдөрдө,
Өлбөгөн кулга жаз келет.

Бешене, маңдай тердетип,
Берметтей кылып жер бетин.
Кайнаган эмгек казаны,
Ырыскы, үмүт жерге өтүп.

Кара жер бетин тытмалап,
Каңтарып айдап күн-түнү.
Кыйырсыз мээнет сарпталган,
Кымбат го жаздын бир күнү.

Жашоо үчүн күрөш маанисин,
Жашыл жаз менен туясың.
Жан үрөп иштеп таңзаардан,
Таранчы оңдойт уясын.

Жагымдуу шыңгыр үн чыгып,
Жаңы доор көздөй умтулуп.
Жазында кыздар бой салат,
Жайнаган гүлдөй кулпуруп.

Үйүрүн тосуп имерет,
Азынап айгыр өрүштөн.
Келиндер басат кербездүү,
Көгүчкөн болуп.., көгүчкөн...

* * *

Жароокерим, кел, – деп мени кыйнаба,
Тирчиликтен бошой албайм кыйлага.

Жашыл жаздын булутундай жаш төгүп,
Жан кейитип куру бекер ыйлаба.

Күүлдөгөн дайра үнүн эшитсең,
Күтүп жүрбө күргүштөгөн кечиттен.
Күдөрүңдү үзбө. Бирок, түн менен,
Күкүк ырын таңшап жаткын, сезип сен.

Ошол маалда комуз кылын толгоймун,
Сага арнап салтанат күү ойноймун.
Ырыс чачкан таңда күткүн бир күтсөң,
Ырын тыңша безеленген торгойдун!..

* * *

Жаратылыш жайдары эле, наз эле,
Атайылап жасагандай саз эле.
Алгач сага автобуста жолуктум,
Анда дагы дал ушундай жаз эле.

Көркөм элең көктөм жаздай, жаш элең,
Көөнүң менен эркелеткен ата-энең.
Кучактаса кумар канбас жытыңа,
Куштарланткан ууз сүйүүгө мас элең.

Бойду карап, сулууланып, сыланган,
Аркар төшүң ак көйнөккө чыңалган.
Арзуу сезим кыялыңды мас кылып,
Жан элең бир жаз гүлүндөй буралган.

Каным дүргүп бүткүл күрөө тамырда,
Ошондогу сен тургандай жанымда.
Ойго түшөт оттой жалын жаштыгым,
Сезим дүрбөп сени ойлосом азыр да.

Кыялымда кумарыңа болом мас,
Кыярбаган кыз кыягыың дайым жаш.

СУЗАК РАЙОНДУК
БОРБОРЛОШТУРУЛГАН
КИТЕПКАНАСЫ
„ „ 20 _ Г.

Арманы жок күндөрүмдү эстетет.
Ар жыл сайын кайра айланып келген жаз...

* * *

Жаш келин элең жайдары,
Жүзүңдөн аруу кут жанган.
Жытыңа кумар бала элем,
Бадамдын гүлү жыттанган.

Кыл кыяк эле жоругуң,
Кызыктуу болчу оюнуң.
Жигиттин мооку канбаган,
Жийделүү бурак коюнуң.

Жагымдуу эле авазың,
Комуздун шыңгыр үнүндөй.
Ак булут мисал ак бетиң,
Ачылган алма гүлүндөй.

Кыз мүчө, кымбат сылыгым,
Кыз булак мөлтүр, тунугум.
Кылымда чыкпас эсимден,
Кыяктай сенин кылыгың...

## ЭКӨӨБҮЗДҮ КҮТКӨН ЧЫГААР АК КАЙЫҢ

Самап сени барганымда айылга,
Сайма оронгон жашыл белес жайында.
Коштошчумун ууз сүйүүңө канбастан,
Сапарымдан кайтаарымда дайыма.

Желге тарап назик шактарың,
Жумшак сылап саамай чачтарың.
Жол күзөтүп калчу сен менен,
Жол боюнда жалгыз ак кайың.

Аппак жайдын Ай нур төккөн түнүндө,
Арбалышып аруу таза сүйүүгө.
Узаттык го далай кымбат мезгилди,
Сен экөөбүз ал кайыңдын түбүндө.

Капысынан кеттик бөлүнүп,
Кайгы, азапка калдым чөмүлүп.
Кайран сүйүү боосу үзүлгөн,
Бермет болуп калды төгүлүп.

Түпсүз тиктеп түнкү айылдын ак шамын,
Жалгыз тосуп жайдын далай ак таңын.
Жалбырагы муңайымдуу шуудурап,
Экөөбүздү күтсө керек ак кайың.

Кара көзүм, издеп таппадым,
Кай жеримден сага жакпадым?
Ал мен үчүн сырдуу табышмак,
Кайда калды сенин жаш чагың?

Ак сүйүүмдү башкаларга арнабай,
Ак тилегим жүргөн кезде байлабай.
Тагдыр бизди табыштырды кайрадан,
Эки өзөндөн бир куралган дайрадай.

Желге тарап назик шактарың,
Жумшак сылап саамай чачтарың.
Жолуктурду мага өзүңдү,
Жол боюнда жалгыз ак кайың.

## САГА

Дүйнөдө түркүн сонун бар,
Дүйнөдө бейиш орун бар.
Беш күндүк жашоо өмүрдө,
Бейжайга башты кор кылбай,
Бешенең ачса сонунду ал..

- деп баалаар элем турмушту,
Дегенге бирок, корум бар.
Денимди турган сыздатып,
Дилимди турган ыйлатып,
Бөлөк жан сезбес оорум бар.

Анкени менен жүрөктө,
Сени ардактап алчу орун бар.
Сыздаткан оору эскирээр,
- Сыйлашчу күнгө жеткирээр,
Сонун кыз, сенин жолуң бар.

... Аганды сыйлап колуңа ал,
Алакчылабай бооруңа ал.
Аманат беш күн өмүрдө,
Ардактап, куштап көңүлдөн,
Ак нике жубай дооруңа ал!

Бир келген жашоо өмүрдү,
Бири кем жарты көңүлдү.
Бир кошуп, кайра баштайлы,
Бөтөнгө колтук ачпайлы,
Пир тутуп Көкө теңирди!

## КЫЗДАР

Кыздар, кыздар,
Неге силер сулуусуңар.
Таранган айдың көлдүн чүрөгүндөй?
Силер неге ыйыксыңар?
Өмүрдүн азык берген мүрөгүндөй.

Кыздар, кыздар,
Неге силер таттуусуңар.
Талпынган наристенин күлүшүндөй?
Силер неге бийиксиңер,
Алдымда көл жетпеген үмүтүмдөй?

Кыздар, кыздар,
Силер неге жакшысыңар.
Бийикте көкөлөгөн тилегимдей?
Силер неге кымбатсыңар,
Денеме кан агызган жүрөгүмдөй?

## ГҮЛЖАРЫМ

Күлгүн жаш мүчөл жылдайым,
Күнөстүү бийик кырдайым.
Кыпкызыл өрүк комуздун,
Күүсүндөй шаңдуу ырдайым.

Көңүлүм кантип бурбайын,
Көрсөтсөң урмат, сый дайым.
Көз отуң менен чачасың,
Көлкүгөн ысык нур дайым.

Көңүлү назик гүлдөйүм,
Көөшүлгөн көрктүү дүрдөйүм.
Гүлдөтүп турсаң көңүлдү,
Гүл дебей, анан ким дейин?

Кештеси тубар жоолуктун,
Кез келип сени тоорупмун.
Кептердей учуп жаштыгым,
Кейиген кезде жолуктуң.

Саймасы шайы курумун,
Сан булак, мөлтүр тунугум.
Сан кыздан айрып таанылган,
Сарасап, баамдуу сылыгым.

Наар татпай, уйку безипсиң,
Наркымды даана сезипсиң.
Намыска бекем гүлжарым,
Наалыган кезде кезиктиң.

... Узады жаштык жылдарым..,
Ууз сүйүү баркын туйбадым.
Умсунган түгөй агаңдын,
Урматы сенсиң гүлжарым!

**ШЫКТАНДЫРАТ**

Өкүмүнө моюн сунуп тагдырдын,
Өзүбүздү алаксытып келебиз.
Өмүр чак түш болгончокту адашып,
Өз кезинде табышпадык неге биз?

Кадимкидей канээт алам алтыным,
Канткен менен айткан кеңеш сөзүңдөн.
Моокум канбас мөлтүрөгөн жаштыктын,
Кумар отун көрүп турам көзүңдөн.

Мендеги арман, менде татаал мүнөздү,
Түшүнөөрүм өзүң эмей, ким анан?
Жоктон көрө буга дагы канимет,
Бар бол дайым, мен сыйлаган бир адам!

Сезгич, баамчыл көз карашың сүйкүмдүү,
Сыйлап мени урматтоочу негизде.
Сенин күлкүң шыңгырындай комуздун,
Шыктандырат мени ар дайым жеңишке.

**КӨЛДҮК КЕЛИНГЕ**

Кыдырып кыргыз жерими,
Кыздан көп көрдүм перини.
Кылыгы сага окшобойт,
Кымча бел көлдүн келини.

Кантейин анан умсунбай,
Карааның көлдүн куусундай.

Көңүлүң таза кири жок,
Көк мөлтүр тунук суусундай.

Кызылдуу бетиң ак чыны,
Кызганбайм берген бактыңды.
Кыйбаптыр тагдыр өзүмө,
Кылыгы сендей жакшыны.

Өң, келбет, мүчөң саматып,
Өрттөнгөн чыгаар сан ашык.
Өмүрдүн кечи киргенче,
Өзүм мен жалгыз сага ашык.

## КӨКТӨМДҮ КҮТ

Көптөн бери дептер бетин ачпадым,
Көптөн бери бир да сап ыр жазбадым.
Убайымда тостум тоңуп аязга,
Уйкусу жок узун кыштын ак таңын.

Ойлор чачкын.., жыйынтыксыз бириндеп,
Ак көпөлөк сезим учуп дирилдек.
Муз тосмодон көлкүлдөгөн дайрадай,
Турат кайнап ага албастан иримдеп.

Сезим бүрдөп, өнө албай чыйрыгып,
Сергек көңүл жашы көздөн кылгырып.
Ийге келбес ыр саптарга сыйынып,
Имерчиктейм ичим түтпөй сыйрылып.

Бороон боздоп кар тозоңун сапырып,
Бурганактап кайың талды жапырып.
Кайрылбастан кайып болгон ыр саптар,
Каздын саңоор парина окшоп чачылып.

... Кабарың жок каарын төккөн үшүктөн,
Камыктыңбы ыр катымды күтүп сен?

Күн чыгышка багыт алып көктөмдө,
Көктө каалгып ак булуттар көчкөндө.
Канатына жашыл көйнөк жазды алып,
Каркыралар көк жайыктан өткөндө.,
Кара көзүм, мени бир жол эстээрсиң!

Жайдын айы толукшуган кезде анык,
Жарашыктуу көркөмүнө көз талып.
Жаштык толуп шалбааларда, түздөрдө,
Жапырт тегиз башталганда чөп чабык.,
Кара көзүм, мени бир жол эстээрсиң!

Сан жылдыздар бадырактай көрүнүп,
Саманчынын жолу ажырап бөлүнүп.
Сар талаага күз келген күркүрөп,
Сары алтындай берекеси төгүлүп.,
Кар көзүм, мени бир жол эстээрсиң!

... Кышындабы, жаз, жайдабы, күзүндө,
Кылчайып бир кыйгач кеткен сүйүүгө.
Өксүп, өксүп, өкүнч эстен тандырып,
Төрт мезгилдин төп келген бир күнүндө..,
Кара көзүм, мени бир жол эстээрсиң!

## КОШУНА КЫЗ

Жаштыктын ойнодукпу жашынмагын,
Сен мага чечилбедиң, ачылбадың.
Көркүңө көзүм түшүп жүргөн менен,
Кезинде кеп айтууга батынбадым.

Арзуууга татый турган асыл элең,
Арбачу көздөргө абдан жакын элең.
А бирок, сунулган кол жете алгыс,
Алыстап караан үзгөн закым элең.

Кар алдында байчечектей кылтыйып,
Каптайт ырлар.., күт көктөмдү түтүп сен!

## СҮЙҮҮНҮН БОЛДУМ КАРЫБЫ

Жүдөтүп жаштык жалыны,
Кетирди менин алымы.
Сүрүнө чыдап даай албай,
Сүйүүнүн болдум карыбы.

Сен менин аткан таңымсың,
Серүүндө гүлзар багымсың.
Аязда кубат, дем берээр,
Аптабы күчтүү жалынсың.

Каалгып жазгы көктөмдө,
Каз, өрдөк учуп өткөндө.
Айылдан сени көргөнмүн,
Алчалар гүлүн төккөндө.

Арадан мезгил алмашып,
Айларга айлар жалгашып.
Акыры күткөн күн келээр,
Кошулуп колду кармашып.

Жүдөтүп жаштык жалыны,
Кетирди кубат, алымы.
Тайманбас өткүр жан элем,
Сүйүүнүн болдум карыбы...

## МЕНИ ЭСТЭЭРСИҢ

Өз өңөңгүн алып жаңы кыш болуп,
Өзөндөргө көпкөк айнек муз тоңуп.
Аалам тегиз боёнгондо ак нурга,
Аруу кийген апапакай кыз болуп,
Кара көзүм, мени бир жол эстээрсиң!

Гүл элең кулпурган бир кырандагы,
Четиндей бышып турган ырандагы.
Башатка басканыңда челек алып,
Барчу элем мен да атымды суугарганы.

Көрүшсөк көздөр тике карай албай,
Кебибиз уланышпай самагандай.
Көз менен узатышып калаар элек,
Көңүлдө сөздү айтууга жарай албай.

Ээндетип жолугууну акмаладым,
- Экөөбүз куту болуп ак талаанын..,
Жакадан биз жайлоого бара жатып,
Эң алгач кармагамын ак мамагың.

Ал учур мен үчүн бир ыйык эле,
Асманда айдын нуру тунук эле..,
О андай лаззат болбос өмүрүмдө,
Түбөлүк уюп калаар көңүлүмдө.

... Кол жетпей калган анда кошуна кыз,
Азыр да тагдыр буйруп кошунабыз.
Бирөөлөр кызгана албас, көзгө урунбас,
Көңүлдө бир бүтүнгө кошулабыз.

## КЕЛ ЖАНЫМ

Күндөр зуулайт кызыгы билинбеген,
Күндөлүктө жазылып, чийилбеген.
Күлгүндөй жаштык курак артта калып,
Күн сымал жадыраган, күлүндөгөн.
Келебиз өмүр кечтеп а биз болсо,
Мезгилдин толкунунда иримдеген.

Жашыл жаз жаштык кезим жанга ынак,
Жазмышка башын ийип, калбай ыраак.

Ар дайым ошол бойдон турса гана,
Жаш бойдон биз жашаган күндү улап.
Кетпечи.., өктөмдүгүм мокотпочу,
Келинге кербезденчү жигит курак!..

Тагдырга деги ушу жоктур айла,
Өткөнгө өкүнгөндөн эмне пайда?
Өмүр - бул, өз нугуна батпай ташып,
Өмүр - бул, өжөрлөнгөн өктөм дайра.
Кел.., жаным, кездешелик жаштык менен,
Күн сымал жадыраган жашыл айда.

**МАХАБАТКА СЫЙЫНУУ**

Чийип, кайра ондоп сөздүн саптарын,
Сага арнап канча ырлар жазбадым.
Отузунчу жазды тосуп жатып мен,
Дагы кайра жаңы дептер баштадым.
Мен ар дайым жаңы ырымды жазаарда,
Көзгө элестейт жоогазындай жаш чагың.

Айлар, жылдар баратат да тез өтүп,
Мөл булактан биз жолукчу кез өтүп.
Жапжаш бойдон турат сенин элесиң,
Кусалыгым, сагынычым күчөтүп.
Келбетинди бөтөн кучак кыспаган,
Жүрөм дале жүрөгүмдө түнөтүп.

Булут мисал улуу тоого баш койгон,
Сага деген махабатым ак бойдон.
Тагдыр бизди табыштырбай бөлсө да,
Жазбай келем сага деген жакшы ойдон.
Сенин жаркын элесиндей эскирбес,
Арзуу сезим ар убакта жаш бойдон.

Жашырбайм мен, айтсам сага чынымды,
Мага болгон зор урматың, сыйың бу:

Эске салчы айыл кечин бир жолу,
Ырдаганда менин ушул ырымды.
- Бирок, муну сурануу деп билбегин,
Бул - наристе махабатка сыйынуу.

## КӨПӨЛӨК

Эсиме түшүп бала чак,
Эркимди бербей талашат.
Эселек кездин кызыгын,
Эми айтсам кантип жарашат?

Кыялдар учуп көкөлөп,
Кымыздык терип жечү элек.
Көк, кызыл көркөм түстөгү,
Көпөлөк элең, көпөлөк!

Жетилген кезиң балагат,
Эсимде дале дамамат.
Эликтей мүчөң келишкен,
Көздөрүң болчу карагат.

Тереңин бийлеп сезимдин,
Балы бар эле сөзүңдүн.
Тиктеген сүрдөп даай албас,
Шамы бар болчу көзүңдүн.

Айтсаң да көнбөй кебиңе,
Ата-энең койбой көөнүңө.
Беш көкүл бойдон узатты,
Бел куда болгон жериңе.

А менин арзуум кур калды,
Арманга толо муң калды.
Анан да ырдап жүрөөргө,
Акактай төрт сап ыр калды.

- Бүргөндүү сайды төтөлөп,
Бүлдүркөн терип жечү элек.
Ак седеп гүлгө окшош,
Көпөлөк элең.., көпөлөк...

## ЭҢСӨӨ

Келсе дагы сени Күнгө теңегим,
Келишимдүү кептин таппайм ченемин.
Кызгалдактай жаңы ачылган жаздагы,
Кыз кезиңди дайым эстей беремин.

Кызыл көйнөк кийген сенин курагың,
Кызыл гүлдөй жыпар чачкан убагың.
Кыярсаңда ошол кымбат кезиңди,
Кыялымда дале көрүп турамын.

Күлгүн кезиң гүлдөн бөлүп, айырбас,
Күйгөн менен өктөм мезгил кайырбас.
Өмүр бою эстеп жүрөөр эңсөөмдө,
- Кызыл шуру таккан кызсын дайым жаш!

## ЖЕТПЕЙ КАЛГАН МАХАБАТ

Жанды эзип кыйнап келет миң санаа,
Жаш кайыңдай сен турасың суйсала.
Жан дүйнөмдөн жамалыңды жактырып,
Жапжаш кезде болдум ашык мен сага.

Дарак көрсөк жанаша өскөн кыналып,
Жарашыктуу бүчүр байлап, бүр алып.
Кыялдарда өзүбүзгө окшотуп,
Көпкө карап, калаар элек кыналып.

Седеп таккан шуудурүмдүү тамчыдан,
Сары, кызыл гүлдөр көрсөк аңкыган.

Сага окшотуп, саамайыңдан мен сылап,
Бак-таалайга батаар элек чалкыган.

Сайма оронгон салтанаттуу турагы,
Сагынч, арзуу эриш болгон ынагы,
Балдай таттуу, таза, тунук сүйүү бар.
Барктуу экен он сегиздин курагы.

Шылдыр аккан булагындай конуштун,
Шыңгырындай чың күүлөнгөн комуздун.
Көөдөнүңдө сайрап турат сүйүү деп,
Көөнөрбөгөн сенин кыяк добушуң.

Мезгил өтөт.., сезим гүлдөп жашарат,
Сени ойлосом сергип көөнүм тазарат.
Кымбат кезиң кыялымда түнөткөн,
Кымбат белем жетпей калган махабат!

## ЖАЗЫП БҮТӨ ЭЛЕКМИН

Кара көзүм, периштеси элеттин,
Кыйгач өткөн таалайыма себепсиң.
Сага арналчу дагы далай ырлар бар,
Көбүн али жазып бүтө элекмин.

Сыйкыр менен койгон өңдүү дубалап,
Сезим, ойлор ээрчийт сени кубалап.
Уйку качып, узун түндүн сааты,
Убайымдан убайымга уланат.

Биз жашоого эрте келбей, кеч келбей,
Же койбопсуң мага ошондо кез келбей.
Билбейм неге кудуретим жетпеди,
Коё албадым сени такыр эскербей.

Мен тагдырга таарынбайм да.., таарынам,
Мен татпадым ууз сүйүүнүн наарынан.

Андан артык, андан таттуу даам болбос,
Сенин кызгылт эриниңдин даамынан.

Биз айылда көрүшкөндө кээде эгер,
Андай азап, оордук болбос тең келээр.
Түк түшүнбөйт ушул сырды негедир,
Бир айылда бир жашаган пенделер.

Көрүшөбүз кээде колду кармашып,
Көз каректер бир ирмемге арбашып.
Жан дүйнөмдү жанчып кетет ызалык,
Бир көз караш бүт күнүмө алмашып.

Пендезатта мерез болбос сенчелик,
Тымпыйасын кайдыгердей билмексен.
Кечир мени, бирөөлөрдүн көзүнчө,
Көпкө карап, көңүлүңдү кирдетсем.

Сүйүү деген жок нерсе деп ырдадым,
Кез болбоду ага өткөн жылдарым.
Сенден алган аруу таза лаззатты,
Өмүрүмдө мен башкадан туйбадым.

... Каракөзүм, периштеси элеттин,
Ууз эриңден неге өптүрдүң, неге өптүң?
Сен жөнүндө "Сүйүү" деген дастанды,
Баштап коюп жазып бүтө элекмин!

## ЖАТ КӨЗДӨРДӨН КЫЗГАНАМ

Жат көздөрдөн кызганамын сени мен,
Жаным жыргайт сенин жалын демиңен.
Турпатыңда уюп турган назыңды,
Туюп калдым эле кайдан деги мен?
Жат көздөрдөн кызганамын сени мен.

Кымбат баалайм кылыгыңды кыйладан,
Кылыгыңа жете албастан кыйналам.
Сенде болгон аруулукту, наздыкты,
Башкалардан өмүрүмдө туйбагам.,
Кымбат баалайм кылыгыңды кыйладан.

Көз карашың көөдөнүмдө дем болуп,
Көтөрүлөм бийиктикке тең болуп.
Көрбөй калсам кыйналамын азап жеп,
Көп жубандан эңсөөм жалгыз сен болуп..,
Көз карашың жүрөгүмдө дем болуп.

Мени бөөдө калтырбагын үмүткөр,
Өкүнүчкө кыла көрбө кириптер.
Мөлтүр кашка булагындай тоолордун,
Мерезденбей мөл.., мөл.., болуп ийип бер..,
Мени бөөдө калтырбагын үмүткөр.

... Жат көздөрдөн кызганамын сени мен,
Жаным жыргайт сенин жалын демиңен.
Турпатыңда уюп турган назыңды,
Туюп калдым эле кайдан деги мен.
Жат көздөрдөн кызганамын сени мен!

## БИР ӨЗҮҢ ДЕП АТАГАН

Коңгуроолуу жаштык менен коштошуп,
Аяр карап турмушка акыл токтотуп.
Калган кезде кайдан мага кезиктиң,
Кайып болгон кайберенге окшошуп?

Тагдыр жүзүн үйрүп такыр оң болбой,
Таалай кушун табам деген ой болбой.
Мен чаалыккан кезде кайдан кезиктиң,
Арып, чарчап, ак сүйүүдөн жол болбой?

Гүлдөр соолуп жыпар чачкан буралып,
Гүлдөй жаркын күндөр алыс мунарык.
Өткөн кезде кайдан мага жолуктуң,
Кырчын жаштык узаганда кыярып?

Мээрим төгүп кеч болсо да жараткан,
Мен таба албай койгон башка тараптан.
Күтүп.., күтүп.., күдөр үзбөй келдиңби,
Кептер болуп көк кештелүү канатчан?

Марттык кылып мага же бир жасаган,
Насибинен кур калтырбай атаган..,
Махабатым кайтып колго бердиңби,
Бир өмүрдө бир өзүңө атаган?

## ӨЗҮҢ ҮЧҮН

Комуз чертем күүсүнө үнүм кошуп,
Күүдөй назик жалындай сүйүүң кошуп.
Жымыңдаган жылдыздай шамдар күйгөн,
Мемиреген шаардын кечин тосуп.,
О перизат, бир гана өзүң үчүн.

Тереземдин пардасын ачам тартып,
Таң шооласын бөлмөгө себүү үчүн.
Тирчиликти улаган кыймылдардын,
Башталышын таң эрте көрүү үчүн.,
О перизат, бир гана өзүң үчүн.

Уксун менин махабат сөзүмдү деп,
Айлуу түндө тоо жактан ырдап келем.
Кучак толо көтөрүп шуудурумдө,
Тоо гүлүнүн түрлөрүн жыйнап келем.,
О перизат, бир гана өзүң үчүн.

Казал жазам саймалап кагаз бетин,
Курчун тандап сөздөрдүн сезимдеги.

Бүтүн арнап жан дүйнөм жалгыз сага,
Бар болгон мээрим менен өзүмдөгү.,
О перизат, бир гана өзүң үчүн.

## СЕН КЕТПЕЙСИҢ ОЮМДАН

Көңүл толкуп көрккө келип чар тарап,
Көктө торгой таңда куруп салтанат.
Аппак нурга боёп бакты, талааны,
Көз тайгылтып гүлдөгөндө алчалар.
Кара көзүм, эстей берем өзүңдү.

Сан ойлорум сапырылып ачылбай,
Сага деген саптар толук жазылбай.
Өйүздөгү жапан талдын шагында,
Сайраганда сүтак үнү басылбай.,
Кара көзүм, эстей берем өзүңдү.

Сен жашаган калаа мени дегдетип,
Сезимимди алып учуп эңсетип.
Кызгалдактай жазындагы буралган,
Кыз курагың кыялымды терметип.,
Кара көзүм, ойлой берем өзүңдү.

Улуу тоодон улар үнүн уксам да,
Улуу тоонун чокусуна чыксам да.
Турмушумда каршы келген тоскоолдон,
Же жыгылып, же басынтып жыксам да.,
Кара көзүм, сен кетпейсиң оюмдан.

## КАРА КӨЗ

Урчук таш, кыяларда жешилбеген,
Тулпардын туягындай кетилбеген.
Жаштыгым - жалындаган өктөмдүгүм,
Жашаттың тоодой бийик сезим менен.

Бир арзуу ар убакта келди кыйнап,
Белгисиз сыйкыр менен сезилбеген.

А көрсө махабат бейм ыраактагы,
Кездешпей калган жашыл курактагы.
Жашартып жан дүйнөнү сыйкырлаган,
Жан эркем, биздин ушул куррактагы.
Кездешкен көк канаттуу көгүчкөндөй,
Керемет мөлтүр кашка булактагы.

Не пайда өкүнгөндө баштагыма,
Негизсиз күч келтирип жаш жаныма.
Бир арзуу ар убакта келди кыйнап,
Чырмалып сенин олоң чачтарыңа.
Айланып кайра келген бүркүт өңдүү,
Адашкан сапарынан асманына.

Умтулуп бир максатты беттегенде,
Умсунтуп турмуш мени жектегенде.
Убайымдуу мажүрөө ойлор бийлеп,
Убакыттан утулуп жетпегенде.
Каржалбас кадимкидей кайрат бүтөт,
Кара көз мен өзүңдү эстегенде.

Көрүнүштөр көөнүмө толбогондо,
Көңүл чөгүп, ызалык кордогондо.
Иште кайгы, армандуу өкүнч болуп,
Иштен да жолум такыр болбогондо.
Өктөмдүк өкүм сүрөт мүнөзүмдө,
Өзүңдү ар убакыт ойлогондо.

Армандуу айтып бүтпөс азап менен,
Атыңды миң кайталап атап келем.
Ыр курап, ылайыктуу сөздөр издеп,
Ыйманың ырга айлантып жасап келем.
Канеет алып катарымда сен бар үчүн,
Кара көз, мен өзүң деп жашап келем!

## БИЗ КИМБИЗ

Ар дайым бизди бирге жолуктурбас,
Бу тагдыр неге мерез, неге сараң?
Башталып.., аяктабай кала берет,
Түбөлүк жүрөктөрдө бүтпөс баян.

Экөөбүз кездешкенде кубаныч да,
Муңайткан өкүнүч да келет бирге.
Сыр бербей тек карашып, аяшып да,
Дайыма коштошобуз келбей тилге.

Биз кимбиз? Эки жакка аккан суубуз,
Биригип бир агымга түшпөй калган.
Жарымбыз таш боор тагдыр алып кеткен,
Акындын ыры сымал бүтпөй калган...

## КЕЗДЕШҮҮНҮ ЭҢСЕТИП

Самап келем жолугууну далайдан,
Сага болгон арзуум күчөп утуру.
Жолоочудай чексиздикте адашкан,
Жолуктурбай бирок андай учурду.

эңсеп келем кездешүүнү сага бир,
элесиң бүт бийлеп алып жүрөктү.
Көптөн бери тагдырыма сыйынып,
Кезиктирбей бирок андай мүнөттү.

Бул жалганда бир да пенде жетпеген,
Закым болуп мунарыктап бой бербей.
Мен самаган, мен эңсеген кездешүү,
О качантан келет такыр оң келбей.

... Жанды эргитет жакшы элестер андагы,
Отту кечкен жаштыгымды эстетип.
О перизат, жашап өтчү дилимде,
Ар убакта кездешүүнү эңсетип!

* * *

Сымаптай колго кирбей сууруласың,
Сурма көз сүйкүм ойлор туудурасың.
Сезимге түбөлүктүү себеп тагып,
Сүйүүнүн чатыраган отун жагып.

Назданып алдыртадан каш кагасың,
Нур жүзүңө күлкү орноп шаттанасың.
Таңдагы Чолпон өңдүү шоола төгүп,
Жамалың жан дүйнөмө орнойт чөгүп.

Сезимди кытыгылап күлкүң менен,
Сергитип бардык жорук мүлкүң менен.
Сен мага пери болуп көрүнөсүң,
Сен мага мээрим болуп төгүлөсүң...

## БОЙ КЕЛИН

Уйкусу жок өтүп түндүн жарымы,
Ыр жаза албай каректерим талыды.
Сыртка чыксам шоолаланат пардадан,
Сенин дагы терезеңдин жарыгы.

Сөздөр качып, сөздөр келбей ышкыман,
Мен го уйкусуз, ыр жаза албай умсунам.
Бейкут түндүн мемиреген койнунда,
Аздыр-көптүр аракеттүү иш кылам.

Коңшу келин, уктабайсың сен неге,
Түн терметип уйкуң качат эмнеге?
Окшош адат, окшош мүнөз береби,
Же бу тагдыр окшош болгон пендеге?

Тиричилик.., карап жандын тынчына,
Калган бардык кошуналар уйкуда.

Ушунчалык жакын болот пенделер,
Жан озуру - дүйнө капар уйкуга.

... Биз - акындар, калк болобуз тынчы жок,
Түндөр бейкут. Түндөн өткөн сынчы жок.
Бүт дүйнөнү кыдырабыз ой менен,
Бейпил түндө ошон үчүн уйку жок.

- Жолугалы, сырың айтып төгүлчү,
Ал сырларга жан-дүйнөңдөн берилчи.
Жакшы ырымдын каарманы сен болуп,
Таалай жаркып, таң Чолпондой көрүнчү!

...Коңшу келин, сулуу келин, бой келин,
Жалгыздыктан жабыркаба, кой келин!
Кош өрүмдүү түндөй кара чачыңа,
Чырмалышат дүйнө кезген ой, сезим.

## АЛГАН ЖАРГА

Түбөлүк баш кошушкан өмүрлөшүм,
Түбөлүк жадымдасың көңүлдөсүң.
Ак таңын тирүүлүктүн бирге күтүп,
Акыры бир тосоорум өмүр кечин.

Бат кыял, барпаңдаган ак көңүлүм,
Багымда гүлдөп турган жазгы өрүгүм.
Көтөрүп чөккөн кезде маанайыңды,
Көп жагын көңүлгө албай пейилимдин.

Билгизбес тириликте бары-жогум,
Аптапта саябаным түрдүү порум.
Ак шайы арбын даамдуу дасторконум,
Аязда ак жакалуу кышкы тонум.

Алмашып ак бантикчен кызга алаарым,
Ак кеште сайма сайган узга алаарым.

Ай чырай келиндерге ышкым түшсө,
Калп эле каракүчкө кызганаарым.

Мен жашайм түптүү чынар багың болуп,
Турмушта жогуң болуп, барың болуп.
Акыретке кеткиче ак жаша дейм,
Аруу, таза абийирим, арым болуп.

## ӨКҮНӨМ

Кыйналып миң сан ойдун кучагында,
Өкүнбөйм азаптарды чеккениме.
Наристе жүрөгүмдү уялаган,
Өкүнөм сүйүүм уурдап кеткениңе.

Алсырап азапта мен жатканымда,
Өкүнбөйм кылбаганга жардамыңды.
Күнөөлөп мени кайра, шакабалап,
Өкүнөм., сезбегенсиң арманымды.

Тагдырдын болот тура оош-кыйышы,
Жеттиң не, самаганга жетпедиң не?
Мен билбес, мен көрбөгөн алыс жакка,
Өкүнөм сүйүүмдү алып кеткениңе.

## БААРЫ СЕН

Ырдасам ырым сенсиң,
Ачылсам сырым сенсиң.
Обонум, үнүм сенсиң,
Жыттасам гүлүм сенсиң.

Ойлосом оюм сенсиң,
Сапарда жолум сенсиң.
Максатым, үмүтүм сен,
Майрамым, тоюм сенсиң.

Чалкыган деңизим сен,
Ийгилик, жеңишим сен.
Жыпар жыт гүл жайнаган,
Жыргалдуу конушум сен.

Түгөнбөс ырга айланган,
Үн созсом добушум сен.

## АНДА ДА КЫШ БОЛЧУ

Айлана ак шейшеп жамынып,
Дарактар ак мончок тагынып.
Эсимде. Анда да кыш болчу,
Келгенсин ак жоолук салынып.

Ай калкып асманда булутсуз,
Нуру анын кырды ашып бараткан.
А бизге суктанып жылдыздар,
Төбөдөн жымындап карашкан.

Сезбестен чилденин ызгаарын,
Кышкы аяз анчейин туюлуп.
Биз анда катарлаш басканбыз,
Махабат отуна жылынып...

## СҮЙҮҮ ТУУРАЛУУ БАЛЛАДА

Жеткендер аз, сүйүүгө көп жете элек,
Сүйүү үчүн эч ким жандан кече элек.
Махабаттын кайгысынан жер кезип,
Бир да пенде дервиш болуп кете элек.

Сүйүү деген болгон менен аты улук,
Казалдарда, дастандарда баркы улук.
Ал бир азап.., алаксытаар азгырык,
Закым сымал карматпас бир макулук.

Сүйүү, демек.., апкаарыткан ыраңы,
– Сулуулардын коюнунун кумары.
Сүйүү деген периштедей аялдын,
Сага чындап арбалганы дидары.

Аялзатка күч колдонсоң, эгерде,
Сүйдү элем деп алданба сен бекерге.
Ал асылбайт, асылым! - деп мойнуңа,
Супсак карайт кош айтышып кетээрде.

Аялзатын сүй эринден, көзүнөн,
Өпкүн анын кызгылт наардуу бетинен.
Кулу болуп азгырыктын артыкча,
Өбүү осол тамагынан, төшүнөн.

Убак болот шайтан сайган шаштырып,
Аял деген - жан кумары.., азгырык.
Алдастаба, чыйрак карма өзүңдү,
Турса дагы дил кумары мас кылып.

Аялзаттын көөнү назик.., кирдетпе,
Дагы мынтип айтаар элем, тил жетсе:
Болгун өктөм көңүлдөштүк ишинде,
Эч убакта өзүңдү ага бийлетпе.

Сүйүү ошол, сени барктап күтүнсө,
Дегениңди дегениңдей бүтүрсө.
Жан эритээр жасалмасыз, алдоосуз,
Жан дилинен сени чындап түшүнсө.

Көптөр айтат: сүйүү деген бир келет..,
Алдамчы сөз алаксытаар бул демек.
Жарпты жазчу касиетиң болсо эгер,
Сүйүү деген ондоп келет, жүз келет.

Балким, сөздү калпыс айткан чыгаармын,
Омар өңдүү билбестирмин кумарын.

Сүйүү деген бар дегенге эч качан,
Жетпейт менин, түтпөйт менин чыдамым.

Сүйүү болоор лаззатка бир баткыча,
Аял көөнүн арбап толук тапкыча,
Дагы минтип айтаар элем тартынбай:
- Коюнуңда бир эркелеп жаткыча.

Татты эриндин эгер даамы кетпесе,
Тар жолдордо сени унутпай эстесе..,
Анда сенин чын лаззатка батканың,
Алдап сүйлөп абийириңди төкпөсө.

... Жеткендер аз, сүйүүгө көп жете элек,
Сүйүү үчүн эч ким жандан кече элек.
Аракет кыл арзыганга жеткенге,
Жалын барда жүрөгүңдө өчө элек.
Бирок, досум, сүйүү үчүн ак уруп,
Бир да пенде дервиш болуп кете элек.

## ЖЕҢЕЛЕР

Кызыл көйнөк кымча белдүү жеңелер,
Кыйгач карап кызыктыраар элеңер.
Кызгалдактай кылактаган көркүңөн,
Кызганчы эле кырмызы түс теребел.

Жашыл жоолук жаш кайыңдай жеңелер,
Жаштык отун жалбырттатчу элеңер.
Жаз гүлүндөй жарашыктуу көркүңөн,
Жайнап турчу жашыл түстүү теребел.

Элик чуркап бараткандай макмалдан,
Ээн жерден жолугушсаң капталдан.
Эңсеп жүргөн ээн баш ойлор басынып,
Ээ - жаа бербес сезим сүрдөп апкаарган.

Көрсө анда кыял сүрдөп тартынаар,
Кыз баладай кымбат тура баркыңар.
Жарык төгүп, аруу нурун карматпас,
Он бешинде толуп турган ай сымал...

* * *

Кайрыктарын кыска черткен күү жарды,
Калк накылын колдонбосоң тил жарды.
Таажысына бир да аары конбогон,
Табиятта татына өскөн гүл жарды.
... Арналганга мааниси эгер жетпесе,
Арман болуп.., акын жазган ыр жарды.

**АЙЫЛ БАЛЛАДАСЫ**

Ырайыңда ыйманы бар тоолуктун,
Ыгы менен сөөлөт кармап толупсуң.
Ыйбаа күтүп учураштык жай сурап,
Ыгын таппай ынак кезде жоруктун.

... Бүт табият жашыл кийип жасанып,
Биздин айыл турган кезде жашарып.
Жаңы келдиң жаз коштогон куш болуп,
Жаңы бүлө, жаңы келин атанып.

Куру жүргөн кыз-келиндин назынан,
Биз ал кезде онунчуда жаш улан.
аңдычы элек ай жамалың көрсөк деп,
айылда бул адат бейм го башынан.

Кароол болуп сен суу алган булакка,
Кез боло албай сууга келген убакка.
Арман менен кайттык анда канча ирет,
Айла жок го он жетиде куракка.

Башкаларга ыраа көрбөй тарсынып,
Белгисиз бир сезим сага тартылып.
Бийлеп алчу бүдөмүк ой, үмүттөр,
Сенден алаар карызыбыз барсынып.

Көз карашың сезимдерди өрттөгөн,
Сен да жапжаш, ойноок элең, өрт элең.
Айырмалуу башка келин-кыздардан,
Айлыбыздын өзүнчө эле көркү элең.

...Көрктүү эле камыш там да сен жаткан,
Көрктүү эле күмүш сырга сен таккан.
Бактылуу эле сен аш берген күчүк да,
Баткак жол да көркөм эле сен баскан.

Кош этектүү ак көйнөгүң жер чийген,
Кымбат эле кара кемзел сен кийген.
Кастарлуу эле кадыры артык айылга,
Кагелес бой кара жигит сен тийген.

Жандап өтсөң жаныбызга туш келип,
Жылаажындуу апапакай куш келип.
Сансыз гүлдүн атыр жыты аңкучу,
Саамайыңан бир ажайып жыт келип.

Периштедей солкулдаган пенде элең,
Биз окуган казалдардан, термеден.
Өктөм жаштык өткөн тура сенден да,
Өз өнөгүн өксөсөң да бербеген.

Саамайыңды күмүш кыроо чалыптыр,
МАңдайыңа мезгил изин салыптыр.
От чачылган карегиңде жаштыктын,
Жанды эриткен жалыны өчпөй калыптыр.

... Эстеп азыр элестерин сыныңдын,
Кырчын жаштык, кылыгыңа сыйындым.
Ыраа көрбөй улгаюуну мен сага,
Ичтен ыйлап, арга таппай кыйылдым.

Санаам кетти сапырылып бөлүнүп,
Самап келген сагынычым төгүлүп.
Ал элестин, ал коздуктун бири жок,
Айыл дагы улгайыңкы көрүнүп...

# АР КЫЛ ЫРЛАР

*... Өктөм нөшөр төгүп өткөн жаалданып,*
*Мен өмүрдү жашыл жазга окшотом.*

## САГЫНЫЧЫМ, АПАМ

Күндө эстеп мээрим чачкан өңүңдү,
Эстейм апа, эстейм апа, өзүңдү.
Эстей берем, ойлой берем,
Күндөр батпайт эстеп өзүңдү.

Бубак баскан ак булуттуу чачтарың,
Элестетет эчен ашуу ашканың.
Күткөндүрсүң мени ойлоп,
Дасторконго жайып ак наның.

Жолго чыкчу күндү эңсеп камыгып,
Күтөм ар бир минутаны зарыгып.
Ойлой берем, эстей берем,
Кут төгүлгөн жүзүң сагынып.

Эстейм апа, эстейм апа, өзүңдү,
Эске салам ар бир айткан сөзүңдү.
Эстей берем, ойлой берем,
Күндөр батпайт эстеп өзүңдү.

## СИЛЕР МЕНЕН

Кыздарым - өмүрүмдүн кымбат күнү,
Кунарсыз тагдырымдын кызыл гүлү.
Аздектеп алчуларым - силерсиңер,
Аталык ар-намысым, үмүтүмдү.

Уулдарым - урмат менен кадыр-баркым,
Улантаар улуу жолду.., ата салтын.
Эс тартып эсейгенде билээрсиңер,
Көзгө комсоо кадырым, менин наркым.

... Баш ийбей мүшкүлдөргө түмөндөгөн,
Басынбай бир керемет жигер менен..,
Өзүмдү бактылуу деп сезип келем,
Өмүрдүн жанган куту - Силер менен!

## БАКТЫМДЫ ЫРЛАР МЕНЕН ТАПКЫМ КЕЛЕТ

Сени эстеп ойлоо мага эң чоң азап,
Жүк болбос махабаттын түйшүгүндөй.
Ойлоодон кээде сени кетем тажап,
Кыялың сөздүн татаал түркүмүндөй.

Качанкы таарынычты эске салып,
Күнөөлөп бир сөз айтпай кеттиң менден.
Жол карайм жоругуңду ойлоп алып,
Таптакыр кечип кетким келет сенден.

Кыялың көңүлүмдү иренжитип,
Түбөлүк алыс сенден кетким келет.
Түйшүктүү күндөрүмө түндү ээрчитип,
Дүйнөнүн кыйырын бүт кезгим келет.

Сен менден балким тажап жүргөндүрсүң,
Сырыңды чын айтууга батына албай.
Оор азап, түйшүгүмдү билгендирсиң,
Кыйноосун тагдырымдын жашыра албайм.

Тирүүлөр бул дүйнөгө келет, кетет,
Өзгөрүү, бардык жерде алмашуу бар.
Сага да, мага дагы келет кезек,
Жашоодо ошон үчүн таймашуу бар.

Түшүндүң, балким мени түшүнбөдүң,
Эңсөөлөр сенден оолак узап барат.
Ардактап башкалардай күтүнбөдүң,
Арманда өмүр менден узап барат.

...Тажадым бирге болгон күндөрүмдөн,
Мага азап бул жашоодо кыжылдашуу.
Жакшы күн эмне экенин билбедим мен,
Баарынан мага кымбат бир ыр жазуу.

Тазартат кир көңүлдү ар бир сабы,
Сезимден седеп болуп чыккан ырлар.
Жылытат жүрөгүмдү анын табы,
Сага эмес, ырларыма кызгануу бар.

Окулса мен бар кезде, менден кийин,
Ырларым - ар-намысым, бактым, демек:
Жашоодо мен бактымды сенден кийин,
Жаза элек ырларымдан тапкым келет.

## ИЛЕГИЛЕК

Жапан да, баёо да куш илегилек,
Жаралган махабаттын илебинен.
Жазмышы каран күнгө кабылса да,
Жаңылбайт.., кайтпайт аруу тилегинен.

Жашоого жадын берип жүрөгүнөн,
Жанбаган көнбөс адат, күдөрүнөн.
Жат Кушка өлсө дагы ордун бербес,
Салты бар жайланышкан түнөгүнөн.

Айрылбас түгөйлөшкөн пары менен,
Адаты бекем коргоп жаны менен.
Акташат жапан куштук озуйпасын,
Жан кыйып, кырсык чалса каны менен.

... Таңдантат.., Эстен чыкпайт жадымдагы,
Биз көргөн бир окуя жазындагы.
- Эки куш көптөн бери турук алган,
Уяда зымкарагай башындагы:

Дирилдеп илекилек сайрап жатты,
Дирт этип муңкангандай зарлап жатты.
Мындайын башта көрүп, укпаганбыз,
Жоругу ззэн кейитип, жанга батты.

Айбаттуу каккылаган канаттары,
Аёсуз өз уясын сабап жатты.
Туйбаган, башта бир да жан көрбөгөн,
Андагы аянычтуу алааматты.

Үн салып, бир укмуштай жаалданып,
Бир маалда учту көккө каарданып.
Бийиктеп улам-улам барат байкуш,
Балапан баскан түнөк шаар калып.

Айланып көтөрүлөт улам көккө,
Барааны баштагыдан кичирейип.
аңкайып асман жакты турдук карап,
артынан көз айырбай тикирейип.

Учту бейм канаттары талганчакты,
Угулбай доошу үзүлүп калганчакты.
Топтомолок бир караан келет учуп,
Беттегендей шуулдап жарлар жакты.

Топ! Этип түштү анан жарга жетпей,
Жүгүрдүк ошол жакты биз да беттей.
Шамалга сапырылып саңоор жүнү,
Байкуш куш жатат өлүп канат серппей.

Төшүндө каткан каны.., дени муздак,
Түгөйү нар жагында өлүп жатат.
Жүрөктү титиреткен көрүнүшкө,
Жаш кылгырып зээнибиз кейип жатат.

Карөзгөйдүн огунан жараат алып,
Уясына жете албай канат талып.
Жантаслим болгон тура жаныбарым,
Түгөйүнө жетем деп издеп барып.

... Баёо куш.., жапан кушум, илегилек!
Кагылам аруу, таза тилегиңен.
Бейпилдик тилейм жапан ниетиңердей,
Пенделик ариеттен.., жүрөгүмөн!

## КӨК-АРТ АТА ӨБӨК БОЛСУН ЖАНЫҢА

*(Бир туугандай кадырлаган жердешим
Куламжан Атагелди уулу Үсеновго)*

Элес кылбай кыска өмүрдүн сапарын,
Күн кечирип, күтүп таңдын атаарын..,
Эске албайсын кээде жалган дүйнөдө,
Катарыңда кандай пенде жашаарын.

...Кейитебиз ыраа көрбөй татты кеп,
Же таарынтып.., же бирөөдөн каккы жеп.
Көзү өткөнгө өңгөч үзүп өксүйбүз,
Тирүүсүндө айта албайбыз "жакшы", – деп.

Сезимиме бүлүк түшүп кыямат,
Ушул ойдон күрөө тамыр чыңалат.

Намыс келип ар-кор кылбас адатка,
Жаным күйүп болом абдан кыжаалат.

Табылбаган татты өмүрдүн кымбатын,
Туюп, баалап, өткөн жакшы сыйлашып.
Жашоо керек калтырышпай көңүлдү,
Тирүүлүктө бул пенделик урматтын.

Бул өмүрдө курдаш болот күтүнгөн,
Жандүйнөңү жандилинен түшүнгөн.
Колдон келген камкордугун аябай,
Колдоп Сенин жумушуңду бүтүргөн.

Туура баалап түшүнгөнгө жагдайды ал,
Баасы, баркы жүкчүл атан, нардай бар.
Жөлөк, таян, өбөк болсо жанында,
Акыретте унутулбас андайлар.

- Кызматыңа кыла албасмын эч күмөн,
Мен өзүңдү дал ушундай деп билем.
Жүгүн тартып келатасың журтуңун,
Жок мүнөзүң шайкелең да.., көпкүлөң.

Бирдей сыйлап улуу менен кичүүнү,
Бирдей күтүп милдети оор ишиңи..,
Келесиң сен атан төөдөй кемелбей,
Ата Журтка арнап каруу-күчүңдү.

Каадаң бийик калкың билээр зыйнатың,
Калыбынан тайыбасын урматың.
Камкордугун көрүп сүйгөн элиңин,
Карыба эч, кадырлуу үкөм, курдашым!

"...Канжыга" айлың кубат берип каныңа,
Курманбектин тулпарындай арыба.
Өзүң жөлөк болсоң өрөөн элине,
Көк-Арт ата өбөк болсун Жаныңа!

*Сентябрь, 1999-жыл, Жалал-Абад шаары.*

## ДИЛ КАЙРЫК

Таңшыйт торгой таңда ободо,
Тамшандырган туттуу күү кайрып.
Талаа, түзгө тарап шоокуму,
Татымы анын болуп миң кайрык.
Жүгөндөгөн мезгил тулпарын,
Жүрөктөрдө түнөйт дил кайрык.

Кытыгылап кыздын сезимин,
Кыяк ырдайт шаңдуу күү кайрып.
Оттуу кездин ойнун кызыткан,
Обон болуп сырдуу бир кайрык.
Жаштык күндүн коңгуроосундай,
Жашап келет жандуу дил кайрык.

Мөлтүр булак ташка урунуп,
Мөңкүп агат шыңгыр күү кайрып.
Оолактаган жаштык куракты,
Оздуктап артка бир кайрып.
Жүгөндөгөн мезгил тулпарын,
Жүрөктөрдө жашайт дил кайрык...

## АПАМА

Кутман курак сөөлөт күтөөр чагыңда,
Кыз, уулдардан убай көрөөр маалыңда.
Жаным апа, кете бердиң аттанып,
Кошо жүрбөй курдаштардын сабында.

Айыкпас дарт ажал болуп тооруган,
Адаштырды куттуу өмүр жолуңан.
Даба болбой дарыгердин дарысы,
Апаат болдуң ал жетпеген оруудан.

Ал кесесиң - өткөн турмуш салдары,
Апкеткен дарт - арылбаган арманың.

Колхоз ишин иштептирсиң жан үрөп,
"Кемибестен чоңойсун деп балдарым".

Жаштайыңан малынып шор мээнетке,
Жан отуңду арнап адал эмгекке.
Кетменин чаап, орок оруп, мал багып,
Кара жанды карч урупсуң күн кечке.

Ал күндөрдү жеңдиң, андан арылдың,
Кыз чыгарып, уул үйлөдүң, сабылдың.
Бактылуу кез пешенеңе туш болуп,
Аруу кийип, аппак жоолук салындың.

... Бирок, сыздап, жанды эзип кыйнаган,
Айыкпаган кесел дартка кабылдың.

Жазмыш ушул: пенде көрөт насибин,
Мүмкүн эмес өзгөртүүгө насилин.
Өмүр суусун куйган чөйчөк бош калып,
Чын дүйнөгө кеттиң апам, асылым!

Чымын жаның кыя албастан айланып,
Мөмөлүү бак, кут төрүмдө байралып.
Ооруп калсам түндө келип он жолу,
Мени колдоп жүрсө керек арбагың.

Мен кыйналсам көздөн жашың буурчактап,
Тынчың кетип жүз кайрылып кылчактап.
Алтын Күндүн нуру болуп алдейлеп,
Жаткандырсың эркелетип кучактап.

Акыл болуп кыялыма, оюма,
Айды кармап берекелүү колуңа.
Түнүндөсү мен сапарга чыкканда,
Жарык берип жүргөндүрсүң жолума.

... Унутулат күндөр жанды кейиткен,
Айла канча? Жоктур пайда кейиштен.
А жараткан Эгем өзү жар болуп,
Арбагыңа орун берсин бейиштен!

**АГАЛАРГА ТААЗИМ**

Күүлөнөт күлүк күнүндө,
Тулпар да туйлайт тушунда.
Алмустактан келаткан,
Айныбас маани ушунда.

... Бала элек. Эсте бүт алар,
Баркына баа жок түтө алаар.
Улакчы Кубан, Сыргабай,
Токтогул, Мама, Ысалар.

Беттешип жакын, алысты,
Бек кармап танти намысты.
Белгилүү Көк-Арт өрөөндө,
Беришкен эмес намысты.

Кошулса Култай, Төкөлөр,
Чыкчу эмес жамаат тең келээр.
Шерлердин курган ойнуна,
Шерденип турчу өңгөлөр.

Алмадай эңген улакты,
Айтпайын кантип Жумашты?
Сарымсак менен Дайырбек,
Эңишсе элди кубантчу.

Даап чыккан балбан сый кылбай,
Дайырбек тийсе кыргыйдай.
Карылуу канча билектер,
Аз жерден калчу сыйрылбай.

Көтөрүп күчтү сынашчу,
Токсон кил, жүз кил улакты.
Чабандес балбан агалар,
Куп сүргөн жаштык куракты.

Кычкачтай колдор шадылуу,
Кылданган аттар карылуу.
Кыт куйган сымал эңкейбес,
Үстүндө эрлер далылуу.

Кезектеп топко киргенде,
Кезээрип, жүздөр бир демге.
Топ бузулбай калчу эле,
Торпоктун саны тийгенде.

Урдуруп жөнөп жана да,
Узата чаап марага.
Улакты таштап өткөндө,
Уюлгуп додо жана да.

Бали! -деп кайрат, дем берип,
Бакайдай барктуу термелип.
Карылар турчу серп салып,
Кайраттуу күчкө тен берип.

Сымбатын сынап керилген,
Сырттанга оюу бөлүнгөн.
Сыйлашчу не бир келиндер,
Жылдызы жайнап төгүлгөн.

... Кыроолоп кара чачыңар,
Алтымыш ашып жашыңар.
Атаны арман, агалар,
Кырчындай кезден кыя өтүп,
Картайып баратасыңар...

## ЖАРКЫРАЙ БЕРСИН ЖЫЛДЫЗЫҢ

*(Көк-Арт өрөөнүнөн чыккан чабандес балбан иним Кененбайга)*

Көп жерде жарап намыска,
Көкбөрү тартып өңөргөн.
Көй балбан чыккан байыртан,
Көркөмдүү Көк-Арт өрөөндөн.

Атагы өчпөй эрлердин,
Ак жылдыз болуп жаркырап.
Артында укум-тукумга,
аңыз кеп болуп айтылат.

Улантып улуу нусканы,
Урматка татыр бурчамы..,
Тажинин уулу Кененбай,
- Тантинин танти урпагы.

Атасы Тажи Чыты уулу,
- Насили баатыр тукуму.
Намыска бекем азамат,
Аздектеп сүйгөн үч уулду.

Абдүрөсүл, Мамбеткул,
Атадан артык беренден.
Аларды тартып Кененбай,
Атактуу балбан өрөөндөн.

Эстесек элдин санатын,
Эр жигит тартат тагасын.
Таятасы Камалбай,
- Таши батыр баласы.

... Сыпатын айтсам терендеп,
Сынына болбос эрөөн кеп.

Казактын айткан сынчысы,
- Кененбай - теңиз.., кенен, -деп.

Бап келип кеби ишине,
Мактанбай чексиз күчүнө.
Бакыбат өмүр тилеги,
Улуута дагы.., кичүүгө.

Баарына бирдей мээрими,
Баладай тунук көңүлү.
Адамды тарткан өзүнө,
Атындай кенен пейили.

Он тогуз, жыйырма курактан,
Ооматы жүрүп улактан..,
Оң менен солго таанылды,
Орошон куттуу Сузактан.

Өзгөдөн озгон катары,
Өрөөнү берип батаны...
Оодарыш оюну боюнча,
Өлкөгө дайын атагы.

Мөрөйдү бекем кармаган,
Мөрөйдөн асти танбаган.
Менсинген не бир балбандар,
Ментине чыдап даабаган.

Аргымак минген чагынан,
Көкбөрү түшпөй жалынан..,
Өзүбек, кыргыз, казакка,
Өнөрү менен таанылган.

Алымдуу атак, урматы,
Ашкере бийик зыйнаты.
Ар-намыс алып элине,
Артыкча кылган кызматы.

Курдашты сыйга ынантып,
Кут өрөөн элин кубантып..,
Балбандык барктуу адатты,
Келатат баалап улантып.

Бар болсо эгер көрөңгү,
Балбандык билбейт көлөмдү.
Жолдубай уулу улантаар,
Атасы туткан өнөрдү.

... Намысын коргоп кыргыздын,
Эл эстээр атак тургуздуң.
Таңдагы Чолпон сыяктуу,
Жаркырап турсун жылдызың!

## МИҢ АШЫК

*(Кыргыз Республикасынын Эл артисткасы*
*Шахра Талиповага арнаймын)*

Бир сулууга ашык болоор бир ашык,
Сенин ырың - өмүрлөргө гүл азык.
Ак куу кебин кийип алып сахнага,
Чыкканыңда күтөт сени миң ашык.

Таңшып торгой ырдагандай таңында,
"Аядымың" ар убакта жадымда.
Арзуу ырлар сайрашындай булбулдун,
Тирүүлүктүн жаннат өңдүү багында.

Ашыктардын арзын айтсаң боздогон,
Аны сыйкыр музыкалар коштогон.
Өрөпкүгөн жүрөк сыйбай кабына,
Өмүр азга аял кылып токтогон.

Каректериң көрүүчүгө тигилет,
Карлыгач каш кабагыңда чийилет.

Кандар дүргүп алп таланттын күчүнөн,
Канча адам таасириңе ийигет.

Уксам ырың, тарап кетет ызам да,
Улам арбап сенин сыйкыр музаң да.
Оп тартылат оту тарап денеме,
Кымча белиң толуп турган тутамга.

... Бир сулууга ашык болоор бир ашык,
Сенин ырың өмүрлөргө гүлазык.
Ак куу кебин кийип алып сахнага,
Чыкканыңда күтөт сени миң ашык!

## ЖАШЫЛ ЖАЗГА ОКШОТОМ

Бул жалгандан билбейм качан коштошом,
Бул оюмду бир дем менен токтотом.
Анткендигим азбас, оңбос боёгу,
Мен өмүрдү жашыл жазга окшотом.

Ырас, анын ылдыйы бар, түзү бар,
Ызгаар кышы, ырыс чачкан күзү бар.
Ыракымы Көк теңирдин жиберген,
Багынбаган кудуреттүү күчү бар.

Өмүр өтөт тоссоң дагы тоспосоң,
Өткөн келбейт өкүнсөң да, жоктосоң.
Өктөм нөшөр төгүп өткөн жаалданып,
Мен өмүрдү жашыл жазга окшотом.

## ТААЗИМ

*(Класcташ курбум Адиев Ниязбектин эстелигине арнаймын)*

- Атак калаар иштер жасай элекмин,
Андайларга келет, бирок, теңешким.
Авазыңа суктанышат сулуулар,
Арман ырын ырдап бүтө элексиң.

- деп жазгамын бирде окулган ырымда,
Чек жок эле Сенин турпат, сыныңда.
Өксөсөк да эми кайдан тапмакпыз,
Сендей курдаш, сендей досту кылымда?

Көп айтчусун: "көп үмүт бар ырыңда,
Тулпар туйлап, күлүк калаар сынында.
- Жазчы, Рысбек, жалындуусун ырлардын,
Жармач эмес.., татырлыгын кылымга..."

- Бул каалооңу жан-дилиңден айтчы элең,
Досторуңдун убайымын тартчу элең.
Жан жолдошко камкор дагы.., күйөрман,
Жандилиңде жанда жок бир март элең.

Калган достор сага эртелеп барбасын,
Эсил кайран, күтүп көзүң талбасын.
Эгеримде унутпайбыз, эстейбиз,
Сен ылдаган Ырыспайдын "Алмашын".

... Күлкү чачкан күндөр өтүп барат бат,
Бул өмүрдүн күндөлүгүн барактап.
Күлүстөндөй, Сенин шайыр элесиң,
Күн-күнүңдөй жашай берээр шарактап...

## БААРЫ ЖАШЫЛ

Арчанын бүрү жашыл,
А жаздын түрү жашыл.
Ар дайым жаздай жаркын,
Жаштыкта сүйүү жашыл.

Кызыгы кыярбаган,
Кыз үчүн көңүл жашыл.
Кымбаты сезилбеген,
Кыялкеч өмүр жашыл.

Көйнөгүң гүлү жашыл,
Жоолугуң түрү жашыл.
Колуңда кошмок тизим,
Көз мончок жиби жашыл.

Буркурап жыпар чачкан,
Гүлдөрдүн сабы жашыл.
Өмүрдүн көктөмүндө,
Өзгөчө баары жашыл...

* * *

Удургуйт сансыз ой,
Умтулуп алыскы чектерге.
Туруктуу токтоочу
Жок сымак турагы,
Таптакыр эч жерде.

Кыз менен жигиттер,
Шаардын бактарын.
Аралап жүргөндө,
Тынч.., буурул кечтерде.

Ой келет учу жок,
Түбү жок таптакыр.

Белгисиз мунарык,
Чекитке кадалып,
Жаркырайт ак жарык...

Мен келем жашоого,
Бүгүн да алаксып,
Бүгүн да алданып.
Көтөрүл бийикке,
Ак канат сезимдер!
Суранам тагдырдан,
Миң жолу жалбарып...

* * *

Аз болсо да эмнелерди көрбөдүм,
Айландым бүт Ала-Тоонун төрлөрүн.
Адам сугун тартып турган өзүнө,
Араладым кооз, көркөм жерлерин.

Келин-кызды кереметтеп ырдадым,
Келбейт эми ошол кымбат жылдарым.
Жашыл өзөн, тунук дайра жээгинде,
Көп окулду көңүлдө жат ырларым.

Эр жигитке оомат келген учур бар,
Эчен болду менде андай утуулар.
Бирок, менин мүнөзүмдө болгон жок,
Эсиркеген, менменсинген учурлар.

Кезиктирдим ичи тарды, бакылды,
Абийирсизге сатканым жок атымды.
Барга, жокко бирдей тегиз караган,
Абыдан аз кезиктирдим атуулду.

... Бул жашоодо кыйшык да, түз баскан бар,
Жылан кирсе өлтүрбөй, ак чачкан бар.
Тирүүлүктө болбосун дейм ылайым,
Сени көрсө, сенден оолак качкандар.

## ЫРДАН САГА ТУРГУЗААРМЫН ЭСТЕЛИК

*(Катуу оорудан кырчын курагында каза болгон бир туйган карындашым Кенжайымдын эстелигине арнаймын)*

... Ободо бир жөөтумандай калкыган,
Оор кайгы ээрчип алды артыман.
Орто жолдо кырчын жашың кыйылды,
Оңолбостон оор кесел дартыңан.

Он бешинде толуп турган ай элең,
Ордобузда оттой күйгөн шам элең.
Мээримиңен киргил көңүл агарган,
Мөл булактай мөлтүр тунук жан элең.

Обон элең көөдөнүмө сыйбаган,
Ооз комуздай өмүр күүсүн ыргаган.
Өлчөөсү жок теңиз элең боорукер,
Өздү жаттай, жатты өздөй сыйлаган.

Кырк төрт жаштын кыйрын эми басканда,
Кызык өмүр даамын жаңы татканда.
Жыргал доорун көрбөй жалган дүйнөнүн,
Жылдыз болуп учуп кеттиң асманга.

Бөксөрттүң да.., куттуу ордо жанарын,
Кагылайын, ботокөзүм, маралым!
Мээнет тартып оор азапта ал кезде,
Менин абдан жайсыз эле абалым...

Ынансаң да акка моюн сунганың,
Ыраа көрүп сени өлүмгө кыйбадым.
Ызам кайнап кордугуна жазмыштын,
Сага ыйладым.., тагдырыма ыйладым!

Ичтен куйдум, өзөгүмөн өрттөндүм,
Гүлдөп турган шагы сынып көксөөмдүн.
Колдо жокто кордолгондо кадырым,
Сага өксөдүм.., тагдырыма өксөдүм.

Таппайм издеп оттон, суудан, абадан,
Карындашым, карлыгачым, садагам!
Сени жоктоп кабыргасы кайышып,
Ыйлап жүрөт, сыздап жүрөт жан агаң.

Жакут элең үйдүн ачкан кунарын,
Жаным, боорум, бойго таккан тумарым!
Бутка туруп, оңоло албай турмушум,
Көр оокаттан көп кыйналган убагым.

Чыйкан болуп чыккан куду чекеге,
Сенде.., менде тайкы белем бешене?
Бийик элем менсингенден калышпас,
Бирок, азыр болуп турам бекене...

... Жайсыз чыгып баш кошкондон алганың,
Кетти ичиңде арылбас бир арманың.
Адам чыдап.., ит чыдагыс азапка,
Көрөт тура тагдыр башка салганын.

Сен турмушта сүйүү даамын татпадың,
Арманда өттү акак, бермет жаш чагың.
Бир келип, бир кетээр ушул жалганда,
Өзүңдү ойлоп, өз бактыңды таппадың.

Кыз көрбөдүң.., үч уулуңду өстүрдүң,
Балапандан балакатка жеткирдиң.
Бала багып, эр кадырын сыйлоону,
- Ал Энелик Улуу парыз деп билдиң.

Жанды-жанга, жамбашыңды жерге уруп,
Жашап өттүң балдарыңды бел кылып.
Уул үйлөп, убайды эми көрөөрдө,
Өчтү өмүрүң, өз өлчөөсүн кем кылып.

Тынар элең куштап боюн таранган,
Мунар элең бүлөдө бир жаралган.
Аруу төгүп аймончоктой жамалың,
Алтын алкак күзгүм элең каранган.

... Куран окуйм.., силерге арнап батамы,
Аз болсо да адаштырып капамы.
- Ошол жактан, чын дүйнө эгер бар болсо,
Көргөндүрсүң атам менен апамы?

Тосуп чыгып эрте кайткан жолуңан,
Учурашып, кармашкандыр колуңан.
Бизди сурап, билишкендир жайымды..,
Зирегим ай, сенин айткан жообуңдан.

Сөз оролу улам мага такалып,
Сөз иретин үзүп улам каталык.
Кербен шаардай үйү ураган кейпиме,
Кейишкендир көздөрүнө жаш алып?

Сен ошондо менин камым жедиңби,
Аяр сүйлөп ар бир айткан кебиңди?
"- Акем азыр колунда жок.., а бирок,
Көп ичинде аман жүрөт," -дедиңби?

"... Мүргүп бир аз тагдырынын корунан,
Көп кедерги тоскоол болуп жолунан..,
Учуп чыга албай жатат бөлүнүп,
Ак жылдыздай, аралашкан тобунан,"

- деп айттыңбы, кагылайын жарыгым,
Жашырбастан абалымын аныгын?
- Күйүтүңдү тартып, ичтен буулугуп,
Күлүк өңдүү ташыркадым.., наалыдым.

Кагылайын, билгиң келсе кабарым,
- Ыр дүйнөгө коюп катуу талабым..,
Жаңы очоктун оту жанып кайрадан,
Аздап-аздап оңолууда абалым.

Жаным, боорум, уккуң келсе кабарым,
- Катуу коюп келечекке талабым..,
Жүрөк түшүп жанды өксөтөөр кайгыдан,
Жүрөм тилеп бир туугандар аманын.

... Алмустактан келе жаткан адат - ал,
Ар кубаныч көңүлгө куп жарашаар.
Түн пардасы түбөлүккө чүмкөлбөс,
Аруу нурун төгүп, жаңы таң атаар.

Бермет сөздөн курап түрүн кештелеп,
Каухар сөздөн ар сабына көрк берип..,
Өмүр берсе, ананайын бир боорум,
Ырдан сага тургузаармын эстелик!..

*Декабрь, 2000-жыл, Жалал-Абад шаары.*

## КЫРК АЛТЫНЧЫ КҮЗ

*(Досум Калыков Абдурасулдун эстелигине)*

Азды көрдү көптү эңсеген асыл баш,
Аз.., өтө аз, сен жашаган жашың жаш.
Жаркып турган эмес беле кечээ эле,
Жарашыктуу өмүрдөгү жашыл жаз.

Аруулукка, адилдикке теңечү,
Айдың чалкар көлдө сүзгөн кемеси.

Караан үзө элек болчу алыстап,
Капары жок балалыктын элеси.

Жаш чынардай айдарымга баш ыргап,
Жайнап турган өмүрдөгү жашыл бак.
Арман дүйнө курманына айланып,
Аттиң, досум, кеттиңби ойноп жашынмак?

Алганыңды арман менен боздотуп,
Арман муңун авазына коштотуп.
Атакелеп жолуң тоскон уулдарың,
Арсар жолго таштадыңбы коштошуп?

Дүбүртүнө кулак түрбөй буудандын,
Дүйнө өксүткөн ыйын сезбей туугандын.
Ырыс, бакыт толуп турган кезиңде,
Кашайгыр ай.., кантип, неден ууландың?

... Көрүшкөнбүз биз чогуода кечээ эле,
Андан бери эки күн да өтө элек.
- "Дүйнө кезип кетти!" -деген кабарды,
Кыйын болду чыдап угуп көтөрмөк.

Ишенбеске жок экен го эч арган,
Бул дүйнөдөн кимдер өтпөй, ким калган?
Көздөн эмес, жүрөгүмдөн жаш агып,
Көөдөнүмө сыйбай турду миң арман.

- Быйыл биздин кырк алтынчы күз эле,
Көөнүң сергек, тапка кирген куш эле.
Улууга да, кичүүгө да ийкемдүү,
Пейлиң кенен, кыңыры жок түз эле.

"... Жакшы адамдын кыска болот өмүрү",
- деген бир сөз алаксытаар көңүлдү.
Топурагы торко болсун жаныңа,
Киндик каның тамган туулган жериңдин!

## КЕКИЛИКТИН ЫРЫ ЖАНА ЫЙЫ

"Кекиликмин, кекиликмин,
Кер-тору аттан күлүкмүн.
Келин-кыздан сулуумун,
Атаны көзүм жыртагы ай!" -
Деп ырдаган кооз канаттуу,
Ырын айтат миң санаттуу.
"Айры буттуу адамзаттын,
аңга өч араан, курсагы ай!
Канат арып, бутум талып,
Уча да албай чуркабай...
Кез болдум го тузагыңа,
Кетенчиктеп буйтабай.
- Кош ооз мылтык үңүрөйөт,
Кырдан дагы, колоттон.
Боо-боо түшүп апаат болдук,
Жылдагы өткөн тозоттон.
Аттиң арман! Болобу учур,
Биздин жолду бошоткон?
Болсо кана бүт денебиз,
Ок өтпөгөн болоттон.
Былтыр дагы ушул жерде,
Канатыма жаза атышып.
Канча каным коротком,
Сур эчкинин каргышы ал.
Болбогон бир кеп окшой го,
Мисал калган жомоктон.
- Биз корукка алынсак да,
Биз китепке жазылсак да.
Кызыл-тазыл көйнөк кийип,
Кызыл мончок тагынсак да.
Кудайга үн жетпеди го,
Канча ыйлап жалынсак да.
Түк аябайт Адам деген,
Кызыл канга малынсак да.
Эс тарткандан айткан энем:

"жерде кудай - Адам", -деген.
Мен дагы анын осуятын,
Балдарыма айткан элем:
"Макулукпуз күнүн көргөн,
Жер кудайы - Адам менен".
- Атсаң, кырбай баарыбызды,
Атып калчы карыбызды.
Аман койчу жаныбызды,
Жер кудайы - Адам - Эгем!
- Жалбарабыз жанды сурап,
Биз да өзүңдөй күн кечирип,
Көбөйөлү тукум улап.
Биздин кооз кейпибизди,
Урпактарың көрбөй калса.
Биз сайраган добушубуз,
Кулагыңа жетпей калса.
Адам - Эгем, сага уят!
Артыңдагы кенже балаң,
Атканыңды карап турат.
Көздөн мончок жашын төгүп,
Балдарымды аяп турат.
Жаш сезими жабыр тартып,
Жаш жүрөгү канап турат.
Канчообузду кырганыңды,
Сөгүп ичтен ыйманыңды,
Кенже балаң санап турат..."
- Адам - кудай болобу ага,
Эмнеси анын короп жатат?
Коросо огу, короду ага.
Кош ооз бүркүп коргошунду,
Мөндүрдөй ок чача берди.
Кырганына корстон болуп,
Адам - кудай ата берди.
Колуң сын, аа, колуң сынгыр,
Ата берди, ата берди...
Көрөөр элем жутунганың,
Көрөөр элем кутурганың.

Карагулдун атасына окшоп калсаң,
Кулунум э-э-эй, кулунум! -деп,
Кур талаада боздоп калсаң..,
Карагулдун атасына окшоп калсаң!

## КУСАЛЫК

Тегиз карап оңду жана солду да,
Теңиздикти алаар элем мойнума.
Тайкы кылып бешенемди тагдырым,
Тар жолунда мени өксүтүп койду да!..

Кыска ойлобой, узун санап бардыгын,
Тилечүмүн тилектердин айдыңын.
Ызаланам көпкө жетпей калганга,
Ыкка көнбөс убакыттын тардыгы.

... Ким бүтүрөт мен жетишпей калганды?
- Көп ойлонтуп, тынчым алган арман бу...
Эрте кечип кетким келет кээ бирде,
Оопасы жок бул дүнүйө жалганды.

Көөнүм төңүп ачылбаган сырларга,
Көңүл чөгүп.., мен кечирген жылдарга..,
Кайрадан бир алаксыймын арбалып,
Кайберендей кайып болгон ырларга.

Ачык күндө аруу таңдай сөгүлбөй,
Ак жамгырдай маржан болуп төгүлбөй..,
Жан отумду арбап алган ыр дүйнө,
Закым болуп алыстайсын көрүнбөй.

Жаштык кезим элес болуп кылактап,
Жакшы күндөр узап барат ыраактап.
Жаным сүйгөн.., каным сүйгөн ыр дүйнө,
Жалгыз сендеп алып келем ырахат!..

... Күндүн нуру эритип бүт ызамы,
Күлүп келет жакшы үмүттөр жышааны.
Теңдеши жок тереңинде саптардын,
Чөгүп барат жанды эзген кусалык...

**КОШ БОЛ МЕНИН ЖАН КУРБАЛЫМ, КАЙРАНЫМ!**

*(Автомобиль кырсыгынан каза болгон кыргыз элинин атактуу архитекторлорунун бири, жакын досум Жамалдин Шерматовдун эстелигине арнаймын)*

... Терең билген теңтушка айтпас сырларым,
Теңир кошуп, табыштырган курбалым!
Тескеп билип, сезип тураар элең сен,
Темасынан менин жазган ырларым.

Тагдырымдын тар жолуна күбөсүң,
Таамай кептин айтаар элең жүйөөсүн.
Таржымалын тууган жердин кистиде,
Тартып бердиң таң каларлык сүрөтүн.

Бороон боздоп.., суук каарыган тарабын,
Уктум сенин жанды үшүткөн кабарың...
Өмүр жолдо ала салып өкүттө,
Өзүң жоктоп, өксөп ыйлап барамын!

... Күн да бүркөө.., кабак чытып сурданат,
Кызыл борон этек-жеңим жулмалап..,
Бекзат досум.., көрсөтпөстөн бейнеңди,
Бет алдыман согуп турду бурганак.

- Кыйбайын деп жаш өмүрдү албырган,
Кыйгач кетип кыя өткөндөн алдыңдан..,
Кейибестен кете бердиң, Кайраным,
Кымбат Жаның тобокелге салдың да...

Тирүүлүктө айбын актап биреөнүн,
Тилечүсүң көпкө өмүр сүрөөрүн.
Тартпайт элең душмандын да күпүрүн,
Таза эле ыйманың да.., жүрөгүң.

Сендей талант бир өмүрдө бир келээр,
Өнөрүңөн атаандаштар ийменээр.
Өмүр бою жашай берет, эскирбейт,
Сен жараткан проекттер.., чиймелер.

... Көрүп туруп жан кейиткен чагыңы,
Көңүл чөгүп, канча жүрөк наалыды.
Баштагыдай куттуу жерге шаң бербей,
Буулуп турду Кара-Дайра агымы.

Кош бол.., кош бол.., жан курбалым..,
Кайраным,
Көккө сиңип кеттиң желдей айдарым.
... Жашай берет сенин нурдуу элесиң,
Соолугуча шоокумунда дайранын!

*Декабрь, 2000-жыл.*

## КОМУЗ ЖАНА КЫЯК

Алып чыгып ой чабытын ыраакка,
Көңүл бөксө чөгөт бөлгөн убакта.
Кызгалдактуу кырандарга жетелейт,
Комуз үнү кошулганда кыякка.

Кайрыктары буроосунан жанбаган,
Канча мезгил уксаң кумар канбаган.
Комуз менен кыяк үнү көктөгү,
Обон созгон боз торгойду арбаган.

Өбөк болуп, жөлөк болуп элиме,
Өтөлгөлүү сыймык кошкон жериме.

Көрөңгөлүү залкар күүлөр кылымдап,
Тарап келет жер шарынын чегине.

... Алып учуп ой чабытын ыраакка,
Көңүл бөксө чөгөт бөлгөн убакта.
Кызгалдактуу кырандарга жетелейт,
Комуз үнү кошулганда кыякка...

## ЖАЗЫМ, КЕЛЧИ

Кубатын эңсеп табыңдын,
Кусадар болуп сабылдым.
Кечикпей келчи жадырап,
Кутманым жазым, сагындым.

Кайгыга батып жан серек,
Кайыгып турат тал, терек.
Канатың жайып кештелүү,
Кайтчы эми жазым, эртерээк.

Түшүндө гүлдөр, саймалар...
Түнөрөт бакта алмалар.
Дүмүрдү ышкоо чокулайт,
Түйтөйгөн жүдөө каргалар.

Келишип тиштин кетиги,
Кепканын боосу чечилүү.
Кейиштүү карайт бир тентек,
Кейрийген жыртык өтүгүн.

Таба албай күндүк үлүшүн,
Жаз бийлеп жаркын үмүтүн.
- Таруусун эстейт кашаада,
Таранчы конгон бүрүшүп.

Баарына сенсиң эң керек,
Баарлуу кубат, дем керек.

Жан берип табиятыма,
Жашыл жаз, келчи эртерээк!

## ЯНВАРЬ КЕЧИ

Ак келиндей аруу кийген жасанып,
Дүнүйө кооз, дүйнө көрктүү ажайып.
Аппак кылып уузга чайкап койгондой,
Ааламда бүт өкүм сүрөт тазалык.

Мейкин талаа алп уйкуда магдырап,
Жашыл токой күмүш бубак тагынат.
Күн илеби кышкы аяздан айбыгып,
Горизонттон өтөт кыйгач арылап.

Жаңы жылга жол бошотуп эски жыл,
Калат тарых барагынын артында.
Жаңы дүйнө жапжаш аалам төрөлүп,
Чаңгылы жок кирсиз асман алдында.

## МАНАС ЖАНА САЯКБАЙ

Таасири улуу журтту жыйган курап,
Кыргызга кыйын күндө болуп кубат.
"Манас" - бул санжыранын, салттын кенчи,
Кылымдап эл тарыхын келген улап.

Теңдешсиз дастан кылып курап сөздөн,
Сыйдырып эл мүдөөсүн өзгөртпөстөн.
Саякбай - кайталангыс сөз зергери,
Жеткирген биздин күнгө бөксөртпөстөн.

... Чуркашы Тайбуурулдун сезим козгоор,
Бүт кыргыз сүрөөнгө алып аны коштоор.
Тамшантып, таң калтырып тизмек менен,
Тартылат көз алдыңа эпизоддор.

Чоролор басып өтүп токой черди,
Таянып кадимки эле кароол дөңдү.
Жамынып ак олпогун айкарадан,
Манас Шер алп уйкуда жаткан өңдүү...

Баянын аңыз кылган баатыр-шердин,
Тарыхын уюткулуу, түптүү элдин..,
"Манас" - бул эл тарыхы болгон болсо,
Саякбай - бир жаралаган Гомери элдин.

## ТАЛ ЖАНА БУЛАК

Тиричилик кылат качантан,
Тигилген мында качан ал?
Бото көз булак боюнда,
Бой керип өсөт жапан тал.

Суусунун булак кандырат,
Шуудурайт желге жалбырак.
Суу ылдый өскөн бадалга,
Суктанып карайт жалдырап.

Бошотуп муунун жалгыздык,
Суктантпайт жыты жалбыздын.
Көрүнөт көзгө аялуу,
Көп кыйнайт окшойт жалгыздык.

Саамайын тарап оң-солго,
Салтанат берип тоолорго.
Шактары бийлеп шамалга,
Шагына куштар конгондо.

Күзөтөт күндөп, түн катып,
Ботокөз мөлтүр кыйбасын.
Бой керет жалгыз жапан тал,
Булактын тыңшап ырдашын...

## БҮРКҮТТҮН АРМАНЫ

Шайын алып жанга баткан жалгыздык,
Шаңшыйт бүркүт көктө айланып ызалуу.
Кыя албастан мекен кылган аскасын,
Карек талып карай берет кусалуу.

О бир кезде качырганын куткарбас,
Болот төкөөр кыраан болчу таптагы ал.
Сыр жашырат билбегендей бардыгын,
Барчын кезин уурдап калган аскалар.

Ал мезгилде аалам тардай туюлуп,
Канча учса таркачу эмес сонуну.
Ушунчалык бир керемет жай эле,
Уя салган урчук таштын коңулу.

Аалам кезип сарптап жаштык каруусун,
Арзуу менен ак таңдарды утурлап.
Ушул жерден кыраан кылып жетилтип,
Ушул жерден балапанын учурган.

Эбак өчтү жылуулуктун илеби,
Ээн калды уя салган урчук таш.
Коштошкондой күндөр менен керемет,
Шаңшыйт бүркүт карегинен тамып жаш...

## ЖАШЫЛ АРЧА

Билбейм сенин качан, кантип өскөнүң,
Жылдар жылып канча мезгил өткөнүн.
Жашыл арча эченчи ирет тосконуң,
Жарашыктуу жашыл жаздын көктөмүн.

Коктудагы төтө жолдун боюнда,
Күндү тосуп нур шимирип ар дайым.

Мен эс тарткан ойноо бала кезимден,
Жашап келдиң жашаргандай ан сайын.

Мерчем кылып, жетип үрүл-бүрүлдө,
Медер тутуп тоонун сестүү түнүндө.
Ашуу ашып сапарынан кеч калып,
Далай адам түнөгөндүр түбүндө.

Ашуу ашып, сапарынан кеч калып,
Аптап күндө саябандан көз талып.
Атын байлап көлөкөңдө түштөнүп,
Далай адам отургандыр эс алып.

Биз жайлоодон келатканбыз жакага,
Кымыз артып, атам мени өңөрүп.
Жашыл качкан сары сойгок күз эле,
Жалгыз гана сен тургансың көгөрүп.

- Башка дарак өңдөнбөстөн эмне үчүн,
"Арча дайым тура берет көк бойдон?" -
Деген менин ошондогу суроомо,
Атам анда: - "ыйык дарак", -деп койгон.

... Таң тососуң ээн коктуда жапжалгыз,
Тармал чачың тагып Күндүн желесин.
Көп мезгилдин сырын окуйм купуя,
Көрүп сенден дал атамдын элесин.

...Билбейм сенин качан, кантип өскөнүң,
Жылдар жылып канча мезгил өткөнүн.
Жашыл арча жапжаш бойдон ар дайым,
Жашай берчи, сезбей мезгил өктөмүн!

## ОЙЛОН, АДАМ

- "Быйылкы жыл көп олжого баттым" , -деп,
Бул жашоодо оңой насип таптым", -деп.
"Он беш түлкү, кекиликтен алтымыш,
Элүүдөй чил, сексен кыргоол аттым" , -деп.

- Барбалактайт бажактаган бир жигит,
Бажасына мергендигин билдирип.
Табияттын табылбаган байлыгын,
Койгонуна корстон болот бүлдүрүп.

... Ойго келем. Келечекке тик карап,
Ой да, кыр да.., ээнсиреген бүт тарап.
Кантип анан илбээсиндер качпасын?
Жанагынча жайласа бир кысталак.

Кайран жердин кайрымы учуп жоголуп,
Калп эмес да баратканы тонолуп.
Калган жок го такыр урук-тукуму,
Кара кунас, өрдөк, каздын, сононун.

Качырдык го, түгөттүк го аткылап,
Кетпес кектер, өчпөс өчтөр барчылап.
Кайып болду каман менен эликтер,
Караан үздү суур менен кашкулак.

Кутман жердин куту учуп, тоноолгон,
Кундуз, суусар, сүлөөсүндөр жоголгон.
Буйткаларда, кумайлар да азыр жок,
Булаң этип качып чыкчу коёндор.

Элик жатчу элкин оттоп сыйынып,
Эси кетти чер токойлор кыйылып.
Кызыл жалын соймондоткон от менен,
Кыйла илбээсин апаат болду кырылып.

Көрүп туруп кыянаттык, шоктукту,
Кылбагын деп кыйыр алдын тостукпу?
Кыйып, кесип, өз ырыскы, насипти,
Кыяматка бара жаткан жокпузбу?

Жоготтук го, түгөттүк го канчаны,
Болбоду эч убалынан жалтануу.
Кыйып жактык, о шыйрагың жагылгыр...
Кыйгас мөмө берип турган алчаны.

... Жоктур арман айтып жаткан армандай,
Эмне дейбиз урпактарга арданбай?
Ойлон, Адам! Кез келбейли тагдырга,
- Сур эчкинин каргышына калгандай!

## БАР БОЛГУЛА, КАРЫЛАР

Кош айтышып ата конуш журтунан,
Эски бактай сейрек тартып кыркылган.
Аксакалдар баратышат азайып,
Айылдардын көркү кетип жылда улам.

Көкүрөктө жайкалып ак сакалы,
Тери тончон тегиз көрпө жакалуу.
Тебетейди баса кийип аш-тойго,
Аттанышса арбын эле катары.

Тээ алыстан көрүнгөндө бөркү эле,
Ыйбаа кылып жаштар салам берчү эле.
Жайдары жүз жарыктыктар биз үчүн,
Жаннат эле.., жалпы айылдын көркү эле.

Нуска болуп кылган адал мээнети,
Нурун төккөн куттай ыйык сөөлөтү.
Силер барда бекем эле ынтымак,
Артып турчу ар бир үйдүн дөөлөтү.

Азыр болсо таптакыр аз карааны,
Алар да бир ичи тары.., сараңы...
Нуска болоор кең пейилдүү карылар,
Ар айылда болсо дагы, саналуу.

Тизелерин күнгө кактап кучактап,
Сөз сүйлөсө жөн сүйлөбөй тузактап.
Тигил жеди.., тигил ичип кетти деп,
Айыл ичин аңтарышат ушактап...

Түпкү адатты түртүп орго, тереңге,
Туш кылбады өткөнкү доор нелерге?
Кечиргиле.., башымды ийип суранам,
Катуу кетсем, ашык кетсем эгерде.

Кутман курак, сөөлөт күтөөр чагыңар,
Күүгүмү бар, бул өмүрдүн таңы бар.
Көркү болуп, наркы болуп элимдин,
Көпкө жашап, бар болгула, карылар!

## ТОКОЙ КӨРКҮ

Көгөргөн көктүн алдында,
Көркөмдүү токой шуудурап.
Көңүлдү коштойт обого,
Көк өзөн суусу шылдырап.

Жаңактын жашыл саясы -
Табигат тиккен алачык.
Булбулдун доошун эшитип,
Биз турдук бирге жанашып.

Кыпкызыл четин, моюлдар,
Жашылдан жоолук салынып.
Бой жеткен жарды эстетет,
Бозоюн күткөн сагынып.

Сулуудай сукту арттырат,
Суу бойлоп өскөн майин тал.
Шуудурайт желге эркелеп,
Суйкайган аппак кайыңдар.

Кызарып баткан Күндүн да,
Кылкылдап чоктой нурлары.
Кызыл өрт болуп алоолойт,
Кыпкызыл гүлдөр кырдагы...

## АК КУУЛАР КЕЛИШПЕДИ

Көгүлтүр көл бетинде куулар сүзөт,
Кардай ак канаттарын таранышып.
Ажайып бейпилдиктин кучагында,
Куушуп толкун менен тең жарышып.

... Капыстан мылтык үнү тынчтык бузуп,
Ак куулар кыйкуулашып кетишти учуп.
Жаш ак куу жалгыз гана калып калды,
Канатын азга күүлөп бара түшүп.

Ок уусу ажал болуп тартып жанды,
Эми эле сүзүп жүргөн жаш ак кууну,
Толкундар жээкти көздөй кууп салды.

Ак куулар көл үстүндө учту кайкып,
Тынчтык бузган эссизге наалат айтып.
Көл дагы калды көрксүз коюну сууп,
Толкундар шыбырашты каргыш айтып.

Айдың көл ак кууларды күтүп жатты,
А алар келишпеди кайра кайтып...

## КЫЗЫЛ БОРООН

Ашуударда алкак болуп түрүлүп,
Ар коктудан желаргылар биригип.
Кызыл бороон каптап келет тоолордон,
Кыраң ылдый кыян болуп сүрүлүп.

Бир мөрөйдөн калуучудай утулуп,
Бир укмуштай албууттанып тутулуп.
Жылаңачтап келет апай беттерди,
Кызыл борон кырдын карын учуруп.

Ак тыбыттай алып учуп ак карды,
Азуу мисал бүлөп урчук таштарды.
Тоодон салам алып келет.., эңсетип,
Бүркүт уя салган бийик жактарды.

Ха-ха-ха-лап, кызып улам ура-а-лап,
Кыраң-түзгө салып укмуш кыямат.
Сүрү менен, күчү менен айбаттуу,
Сур булутту сүрүп айдап, кубалап.

Уйкудагы түнт токойду жапырып,
Улам күчөп бурганакты сапырып.
Каршы алдынан чыккандарды жекеге,
Кан кызытат кармашууга чакырып.

... Шаңк ачылып күндүн бүркөө кабагы,
Шаттык толуп жайнай түшөт жамалы.
Кылымдардан "кызыл бороон" аттыккан,
Басылганда Көк-Артымдын шамалы.

## КОМУЗ

Кылымдардан кыргыз элим туу кылган,
Кымбат баалап урматтаган, сый кылган.
Камбар черткен комуз жашайт эзелтен,
Көөдөнүнө көп дастанды сыйдырган.

Кыйын күндө кырсык чалса жолунан,
Кыргыз элим күүлөрдү угуп моюган.
Картайбаган канча күүлөр чертилди,
Калк унутпас залкарлардын колунан.

Ар убакта азбай өңү-түсүнөн,
Алп кайрыктар кудуреттүү күчүндө.
Калк тарыхын баян кылып кабарлап,
Дастан жашайт үч кыл комуз күүсүндө.

Кыл дирилдейт.., көөдөндөн күү сызылат,
Чертмекчи да комузуна сыйынат.
Деңиз толкуп, көл чайпалган сыяктуу,
Кызыганда бир керемет туюлат.

Кылымдардан кылым басып уланып,
Күүлөр чексиз.., кыйыры жок мунарык.
Сыйып келет көөдөнүнө комуздун,
Кыргыз элим жаралгандан куралып.

## ЖЫЛДЫЗЫМ

Ар бир ата сүйөт дилден уул-кызын,
Алар менен нурга бөлөп турмушун.
Менин дагы өмүрдөгү кубанчым,
Бактым сенсиң кичинекей Жылдызым!

Сен төрөлгөн жайдын сонун күнүндө,
Шаттуу, шайыр күлкү ойнолуп күүмдө.
Мээрим ташып жүрөгүмдө аталык,
Таалай ыры таңшып турган үнүмдө.

Тороло бер, асыл кызым, нур кызым!
Сени менен уланышат турмушум.
Жазаарым сен мен бүтпөгөн ырымды.
Сары кызым, кичинекей Жылдызым

## АТАЛАР

Жол салып биздин ушул күнүбүзгө,
Аталар далай ашуу ашып келген.
Кайгысын кылымдардын артка таштап,
Бакытты урпактарга ташып келген.

Биз көрбөгөн жылдардын сырын ачкан,
Аталар - тунук акыл, ыйык дастан.
Тарыхтын барактарын алмаштырбай,
Тизмектеп көкүрөккө бекем каткан.

Аталар - ырыстуу Эл берекелүү,
Таалайдын үрөндөрүн чачып келеген.
Былк этпей далай татаал ашууларда,
Бакытты урпактарга ташып келген...

## ЫРДА, АЙНАГҮЛ!

*(Белгилүү ырчы Айнагүл Сарыковага)*

Суктанамын талантыңдын күчүнө,
Сугумду артпайм келбет, өңү-түсүңө.
Мен ашыкмын Мажнунундай Лейлинин,
Сенин мукам, сенин сыйкыр үнүңө.

Сенин ырың кир көңүлдү агартат,
Сезимдерди сергек кылып тазартат.
Жан дүйнөнү жашыл нурга оронтуп,
Сенин ырың өмүрлөрдү жашартат.

Ырдаганда комуз кылын терип сен,
Ышкы отун коргошундай эритсең.
Көөшүп кетет адам эмей жеке эле,
Көктөгү учкан көк канаттуу көгүчкөн.

Кыялдарды ак булутка жетелеп,
Кызыйт обон кыйыры жок көкөлөп.
Арбалгандай бир керемет сыйкырга,
Арзуу сезим - ак канаттуу көпөлөк.

Сенин ырың сезимдерди тазартат,
Сенин ырың өмүрлөрдү жашартат.
Ырда, Айнагүл, торгой менен атаандаш,
Ыр төгүлгөн аппак таңдар атаар чак...

## САЛЫШТЫРУУ

Жазды мен салыштырам бала кезге,
Көк чыбыкты ат кылып чапкылаган.
Боюнда жашыл жээктүү өзөндөрдүн,
Балтыркан - суу мылтыкты аткылаган.

Жазды мен салыштырам жаштыгыма,
Башталып.., толбой калган күндөлүгү.
Жазууга камданамын кайра баштан,
Окчун калган эң кымбат күндөрүмдү.

Өтөт өмүр күргүштөп иримдеген,
Тирүүлүктө көп жагы билинбеген.
Өткөндөй агын суулар жазындагы,
Кош сызык арабанын изи менен.

Жазды мен салыштырам бала кезге,
Көк чабыкты ат кылып чапкылаган.
Боюнда жашыл жээктүү өзөндөрдүн,
Балтыркан - суу мылтыкты аткылаган.

* * *

саратандын ызылдашы чыйраак го,
аптап күчөп,
жай ортолоп калганбы?
Же болбосо жатабы ал да баяндап,
өтүп кеткен өкүнч менен арманды?

Тыңшачы аны, курбум, бир азга,
Күкүк дагы жалкоо үн салат.
Жатабы ал да өкүнч менен эскерип,
Күз жакындап калгандыгын кабарлап?

Талаа бети тартып сары тал,
Ачуу тийген күнгө албырат.
Көл-шал болуп тердеп аптапка,
Ак чач тоолор жатат магдырап...

## ИНИМЕ

Бир боорум атагың көпкө угулуп,
Сени мен акын бол деп тилебеймин.
Мансаптуу бир кызматка илинсин деп,
Бир боорум, мен сени сүрөбөймүн.

Мейли сен кайда болбо, ким болбогун,
Мен уксам элиң сүйүп мактаганын.
Мекендин пайдасына жараар болсоң,
Иним деп сени менен даңктанамын!

## КУТМАН КАРЫЛАРЫМ

*(1997-жыл – Карыялар жылына)*

Быйылкы жыл карыялар жылы деп,
Бизге болгон ажобуздун сыйы деп.
Жарыктыктар, кубандыңар жүз жаркып,
Болсо да ал алаксытаар куру кеп.

Ырастоого ырым үчүн мыйзамды,
Үркөрдөй топ эске алынып сыйланды.
Мекен үчүн мээнет кылган күнү-түн,
Баягы эле букаралар кур калды.

Заманымдын түбүн бекем кылсын деп,
Ачууга да топук кылып, "ширин" деп.
Сырды катып, сынды бузбас карылар,
Бажакташат бардыгына шүгүр деп.

Кара туман каптаганда батышты,
Туудай тутуп ариетти, намысты.
Бирге кеткен катарыңар бөксөрүп,
Канчалары кайра кайтпай калышты.

Ошондо да канээт кылып барына,
Кайрат айтып кара кийген жарына.
Жергеңерге жеңиш алып кайттыңар,
Элиң күткөн, жериң күткөн зарыга.

Кас душманды жеңүү болуп бар тилек,
Элиң азган. Алдан тайып үлдүрөп.
Аман кайтып келгениңер анда да,
Ишке өттүңөр тыным билбей жанды үрөп.

Тагдыр буйруп дале болсо кол кыска,
Жашадыңар жетип-жетпес турмушта.
Ошондо да чеке жылып жадырап,
Тунбадыңар бакыт менен ырыска.

... Иштеген аз баштагыдай сооп үчүн,
Ичи тарып, албай калган сом үчүн.
Айдоочулар желмогуздай жек көрөт,
Ардагерин апаат болгон согуштун.

Айрым кезде абийирсизден кагуу жеп,
Айрым кезде угасыңар талуу кеп.

Бүлүнгөндү бүтөсөң да жаш кезде,
Бул турмуштан дале көңүл калуу көп.

Өнбөй дагы өп-чап алган насыяң,
Өз маалында берилбестен дасмияң.
Ооштурулуп кереги жок буюмга,
Өкмөт сага колко кылган пенсияң.

Кошоматчы, туйтунгандар марышып,
Сыйлыктарды сый көргөндөр алышып.
Кутман курак жаш жашаган карылар,
Кур сөз менен дале куру калышып...

... ошентсе да түбүн бер деп ниет кылып,
Бул жалганды барасыңар арытып.

## КЫЯ АЛБАСТАН ТУРАМЫН

Өмүр - дайра өктөм дагы, шар агып,
Оолак калды биздин алтын балалык.
Бул жалганда азга жашайт экенбиз,
Бул жашоодо бир гана ирет жаралып.

Көп суктанбай көөлгүп аткан ак таңга,
Кара чачты күмүш кыроо басканда.
Кыйла жерге баспай калат экенбиз,
Кычыраган кырктын кырын ашканда.

Жигит курак, келин курак ыраактап,
Өктөм мезгил өжөрлөнүп жылат бат.
Жашыл күндүн жашыл сайма желеги,
Аркы жээктен бир көрүнүп кылактап.

Бошко кеткен жалын курак күндөрүм,
Башта сенин кымбаттыгың билбедим.
Каңырыгым түтөп азыр мен сенин,
Караанынды көрөмүн деп издедим.

Убайымга батса дагы таба албай,
Уз күндөр - учуп кеткен жагалмай.
Толкуп туруп, өз дооранын бир сүрүп,
Өткөн тура кубаты күч шамалдай.

Кош, жаштыгым, жалындаган курагым,
Отту кечкен өжөр, өктөм убагым!
Алдыдагы күндөрүмө серп салып,
Айлам кетип кыя албастан турамын.

## УАШ ХАНДЫН УРПАГЫ

Накыл кеп бар: "Султан сөөгүн кордобойт".
Катаал кезде жетип дөөлөт, олжого..,
Уаш баатыр - шыбакайдын тукуму,
Бек шайланган өз кезинде ордого.

Анын даңкы көптү өзүнө караткан,
Колдоочулар чыгып бардык тараптан.
Анткени Уаш куйтуларга бой салбай,
Карапайым калк таламын талашкан.

Турса да өмүр албарс кылыч мизинде,
Сыр алдырбай кутумдардын ичинде.
Соңку саатта көрбөсө да Көк-Артын,
Туулган жерин күндө көргөн түшүндө.

Хан ордого тартип тескеп, чуу бузуп,
Хан ордодо суу ордуна уу жутуп.
Кайран баатыр каза болгон эл үчүн,
Учук улаар урпактарын туу тутуп.

Андан бери өттү кыйын кезеңдер,
Эстен чыкты эл бийлеген эчендер.

---

* *Шыбакай* - уруунун аты.

Сайрап келет санжырасын бузбастан,
Эл ичинде куйма кулак чечендер.

Үзүлгөндүн түйүнү жок улашкан,
Эси кеткен элдин башын курашкан.
Кеңирсиген кутман өрөөн Көк-Арттын,
Кең пейилдүү сырттаны эле Уаш хан.

Кандай ыйык туулган жердин турпагы,
Өз сынынан бузбай келген нусканы.
Кең өрөөндү мекен кылып байырлап,
Жашап келет Уаш хандын урпагы.

Кеңип улам мекендеген туругу,
Гүлзар болуп, абад болуп кыйыры.
Унутулбайт жамы кыргыз барында,
Уаш хандын тарыхтагы чыйыры.

Мезгил өтүп, кылым өтүп катталып,
Көөнө тарых каттамында сакталып.
Калган менен элден чыккан сырттандар,
Эскиришпейт, эл эсинде сакталып.

Апсамат, Малик, Аман, Жоомарттай,
Урпагың бар, учугу узун шыбакай.
Сенин өчпөс эстелигиң тургузаар,
Кыргыз калкың дайым даяр шайма-шай.

Таңдар атаар, күндөр батаар, кеч кирээр,
Тарых барда унутулбайт эскилер.
Туулган жердин атуулдары Жоомарттай,
Арбагыңды ариетке жеткирээр.

Мезгилинде жарап элдин арына,
Шеек келтирбей кыргызымдын наамына.
Кулак түрүп жаткандырсың кайран эл,
Күргүштөгөн Көк-Артыңдын шарына.

... Аталардан калган ыйык жол наркын,
Аздек менен сактап дайым жол баркын.
Ага зарыл мунайзатты башкарат,
Бир урпагың - Тажибаев Жоомартың.

Атчан жүрчү заман жок да баштагы,
Адам жасап адамзаттан башканы.
Мунайзаттан иштеп күчтүү моторлор,
Жакын болгон узак жолдор каттамы.

Жоомарт агам - жоомарт кептин бириндей,
Жөпжөнөкөй жүрөт дайым билинбей.
Бул кылымдын техникасын иштеткен,
Баркы анын Дөөт пайгамбардын пириндей.

... Баатыр бабам, айтпай кетсем болбостур,
Жүрөктө сыр айттырбаска койбостур.
Жоомартыңдай жоомарт урпактарыңдын,
Жолун ачып, рухуң менен колдой жүр.

Бир өрөөндүк мен да сенин урпагың,
Көп иштерге келбей жүрөт бурчамым.
Дил, жадымдан үмүт этем мен дагы,
Колдойт го деп Сенин ыйык турпагың!...

## БАЛАЛЫКТЫН ЭЛЕСИ

Бала чакта тилин албай апамын,
Балбалактап ээрчичүмүн атамы.
Жайлоодогу алыс, жакын айылга,
Дайын эле менин мындай чатагым.

Кээде ыйлап, жоругума таарынап,
Ысык өтүп кетпесин деп сабылып.
Атам малга жөнөй турган учурда,
Алаксытып турчу апам жалынып.

Атам минген аттын изин билчү элем,
Ар белгисин көөндө сактап жүрчү элем.
Алаксытып кетчү болсо, жаңылбай,
Аркасынан изди чалып кирчү элем.

Изге түшүп шашылбастан ык коюп,
Багыт болжоп, адашпастан кунт коюп.
Ага, буга жооткотуп апамы,
Алаксытып кетээр элем жылт коюп.

Түк айныбай, туура чыкчу болжолум,
Жат билчүмүн жайлоонун бүт жолдорун.
Ал кездерде арыттым го канча ирет,
Үч-Чат, Ничке, Нур жайлоонун жондорун.

... О бир жолу төгүп жайдын нөшөрү,
Көбөйүптүр Ничке-Сайдын өзөнү.
Бүгүн такыр түрүлчүдөй көрүнбөйт,
Жашын төккөн сур булуттун этеги.

Кайдан билдим тентек суунун чатагын,
Көмөлөндүм, ылай сууга чакадым,
Кыдыр даарып аман чыктым тал кармап,
Агып кетти кийип жүргөн чапаным.

Апам эми тилдейт деген ойду ойлоп,
Айлам кетип чала ыйлап бой-бойлоп.
Баламын да, таап алам деп чапанды,
Үмүт кылып издеп жүрдүм сай бойлоп.

Таппаган соң үмүт такыр үзүлүп,
Боз чапандан биротоло түңүлүп.
Үшүп кетип кайра артыма жөнөдүм,
Үрүл-бүрүл болгон кезде жүгүрүп.

Жок экеним атам келип угуптур,
Айнек сымал көөнү быт-чыт сыныптыр.

Түн караңгы. Эми кайдан таптык деп,
Түп көтөрө айыл бүтүн чыгыптыр.

Эси чыгып апам чоочуп, элеңдеп,
Ойлобоптур эми тирүү көрөм деп.
Абийир болуп дал ошондо жетипмин,
Караңгыда коркуп ыйлап, серeңдеп.

Аттап жетип ала коюп, кучактап,
Апам ыйлап, мен дагы ыйлап бышактап.
Жаткырышты, сурашпады чапанда,
Токоч берип, ысык чайга сүт актап.

... Эми ойлосом, анда бактым зор экен,
Ал күндөрүм - балалыктын доору экен.
... Ээрчиптирмин бүгүн дагы атамды,
Ойгонсом.., түш. Атам да, апам жок экен.

## АК БАТАСЫН БЕРСИН СУЗАГЫҢ

*(Сузактагы "Дома-Ата" өндүрүштүк менчик ишканасынын президенти Абдимиталип Хакимовго)*

Эл кыйырын араласаң төтөлөп,
Элдин жүгүн көтөргөндөр өтө көп.
"Элдин уулу" деген улуу атакка,
Бирок, көбү азырынча жете элек.

Ала-Тоону араласаң төтөлөп,
Ар-намыска жарагандар өтө көп.
Алар бирок.., сен жетишкен атакка,
Атуулдук парзы менен жете элек.

- Ал ким? -десе, элдин уулу атанган,
Арабызда ардакталып, бата алган?

Айтаар элем: - ал Хакимов Миталип,
Ал Сузактык.., озуп чыккан катардан.

... Зарыл кезде зарыл ишти жүргүздүң,
Өз жериңе өндүрүштү киргиздиң.
Чымырканып мээнет кылып.., элиңин,
Чын атуулу экендигиң билгиздиң.

Ишканаңда адам иштейт жүздөгөн,
Бул ийгилик, жердештериң күтпөгөн.
Ата Журттун намысы үчүн тайманбай,
Сен карайсың таңдай жарык жүз менен.

... Оорукана.., мектеп жана бакчалар,
Эл кызматын, эл мүдөөсүн аткараар.
Көмөгүңсүз, сен бербеген жардамсыз,
Калк алдында чени менен мактанаар.

Өз инимдей кадырлаган ардагым,
Өндүрүштө опол тоодой салмагың.
Өзбек, кыргыз - боордош элиң Сузактын,
Өзүңдүн чоң көрүп жатат жардамың.

...Элес кылбай сен көтөрөөр тармакты,
Элиң сени өткөндө бир алдашты.
Алып берди кур намыстан башкага,
Сен татыктуу депутаттык мандатты.

Сен ошондо ызаланып чөкпөдүң,
Чын дилиңден эл мүдөөсүн көксөдүң,
Кадырыңа таш урганга аш кайрып,
Адамдыктын улуу баркын төкпөдүң.

Мезгил жетээр.., кызматыңды эл билээр,
Алпечтеген ата конуш жер билээр.
Атпай журтка сарыптаган күчүңдү,
Ардак кылып, Ата Мекен тең билээр.

Ар бир сабын аңгемелеп узарттым,
Ак дилимден сага бир ыр узаттым.
Аброй, баркың өсө берсин, жан үкөм,
Ак батасы тийип куттуу Сузактын!

## КЫРГЫЗ ТООЛОРУ

Көркөмдүү кыргыз тоолору,
- Көлкүлдөп эрип, нур аккан.
Булуттар конуп, суу ичет,
Ботокөз мөлтүр булактан.

Энедей мээрбан, сүйкүмдүү,
- Элечек кийген аскалар.
Эстетет көөнө жылдарды,
Эңиштеп өскөн арчалар.

Береке төгүп, кут чачып,
Чагылып күндүн нурунан.
Кылымдар бою кебелбей,
Мөңгүлөр жатат уюган.

Булуттар түнөйт башына,
Былк этпес бийик зоолордун.
Күзөтүп турат Мекенди,
Картайбас залкар тоолорум!..

## БАЛАЛЫККА КАЙРЫЛУУ

Көппү, азбы баскан аралык..,
Көөнөрөт жылдар саналып.
Көрүнбөй калды элесиң,
Көпөлөк кууган балалык!

Табам деп тынбай издедим,
Тыпыйган сенин издериң.
Киндик кан тамган айлымдын,
Кыдырып белес, түздөрүн.

Элесиң эстен бөлүнбөйт,
Элжиреп таңда төгүлбөйт.
Элирип чуркап кулундай,
Эч жерден көзгө көрүнбөйт.

... Жайлоого кеткен төтөлөп,
Баягы ичке жол турат..,
Кымыздык терген боорунан,
Кадимки "Нура" тоо турат.

Турпатын бузбай сан жылдап,
Туптунук өңү албырат.
Жолумдан тосот апамдай,
- Туулган айлым Сарбулак.

Тайыбай сөөлөт, наркынан,
Жаңылбай баба салтынан..,
Кучагын жаят атамдай,
Күмүш чач тоолор чалкыган.

Алардын азыр өзү жок,
Алдыман чыгаар кези жок.
Ал эмес.., алар курактуу,
Аксакалдардын көзү жок.

Дагы эле ошол ордунда,
Кут чачкан конуш өрүштөр.
Дүпүйөт төгүп мөмөсүн,
Аталар тиккен өрүктөр.

Көңүлдүн ээлеп чордонун,
Көбүрөт ташып ойлорум.
Шаа мүйүз шактар эстетет,
Атамын туурук колдорун.

Бапыйган бай түп теректер,
Баа, баркын күнгө теңешээр.
Балапан алган уядан,
Баягыл таттуу элестер..,

Карекке даана тартылып,
Канымда ойнойт азгырык.
Бал тилдүү бала чагымды,
Кетпедим беле калтырып.

Өткөнгө жок да эч даба,
Өткүндөй ошол кез кана?
Өктөмдүк кылып убакыт,
Өттүбү мезгил тез гана?

- Таппадым издеп айлымдын,
Кыдырып бүткүл аймагын.
Шаркырап агып кетипсиң,
Шарында Көк-Арт дайранын...

## ЖАЛГЫЗ ТУРНА

О бир жылы суук тарткан кеч күздө,
Биздин чакан айлыбыздын үстүндө.
Эрте-кечте учуп жүрдү бир турна,
Кусалык бар кыйкуулаган үнүндө.

Канат талып, дабан ашып, бел ашып,
Жайды өткөрүп сапарынан келатып.
Үйрүн таппай калган окшойт жаныбар,
Кырсык болуп өз тобунан адашып.

Боолголойм белгисиз бир ойду эчен:
Кандай тагдыр аны жалгыз койду экен?
Каалгып учат күндүз айыл үстүндө,
Кечкисин ал кайда түнөйт болду экен?

Күздүн суугу күчөп кирди арада,
Не болот деп баттым, ойго, санаага.
Түнөп жүрөт экен дешип жүрүштү,
Тээ жогорку буудай эккен талаага.

Белгисиз да кайда учуп бараары,
Туңгуюк го кайра кайтаар тарабы.
Тил билбеген жаш балапан байкушту,
Жүдөткөндөй жалгыздыктын азабы.

Бүт жаныбар жалгыздыктан муңканат,
Байкуш турна аянычтуу үн салат.
Күн бузулуп, суук күчөп баратты,
Кыроо түшүп ой да, кыр да, бүт тарап.

Улам анын кыйкуусу да азайып,
Күндөн-күнгө чабыты да пасайып.
Алсыратып күч кайраттан тайдырып,
Күзгү ызгаар берип жатты сазайын.

- Жаш балапан, сулуу кушум армандуу,
Кантип табам эми сенин айланды.
Билчү болсоң тилегим ак экенин,
Берээр элем колдон келген жардамды, -

-деп жүргөндө, биринчи кар, кыш түшүп,
Тагдырына кутула албас иш түшүп.
Тоңуп өлдү деп айтышты бир күнү,
Сар талаада кар үстүндө бүк түшүп.

Жаштыгыңан, тажрыйбаңдын жогунан,
Уктап калып адаштыңбы жолуңан?
Жалгыз турна, байкуш турна, жаныбар,
Кантип анан бөлүндү элең тобуңан?

... Ушул кырсык жүрөгүмдү канатты,
Карай берем алар кеткен тарапты.
- Жалгыз турна анан бир күн түшүмдө:
Үйүрүнө удаа учуп баратты.

## ӨМҮР БАЛЛАДАСЫ

Адамзат бул дүйнөгө ыйлап келет,
Тирүүлүк бардыгынан кымбат. Демек:
Туулдум - өлдүм деген бул жөрөлгө,
Тынчытпай дайым мени кыйнап келет.

Өмүрдү анан неге сыйлабайбыз?
Өмүр деп өз кезинде ырдабайбыз.
Өтөбүз барга дуулап, жокко чүнгүп,
Өмүр деп неге өксөп ыйлабайбыз?

Убакытты үнөмдөп сарптабайбыз,
Өткөн күн, ай, жылдарды барктайбыз.
Өнөкөт болгон адат менен жашап,
Өңгө эмес, өзүбүздү сактайбыз.

Ичимдик болсо ичебиз чени жок,
Себеби бар. Көбүнчө себеби жок.
Башка аял эркек менен байланышуу,
Алмустактан адат бул эрөөнү жок.

Кээде биз сары майдай эришебиз,
Кээде биз жек көрүшүп сөгүшөбүз.
Кетпейбиз кайып болуп ошол бойдон,
Кайра эле эртесинде көрүшөбүз.
- Кетти деп сенден, менден, эч уялбай,
Кайра эле мамилеге келишебиз.

Кек сактоо тирүүлүктө күнөө дейбиз,
Көк теңирди жараткан бирөө дейбиз.

Күнөөлүү акмактарды актап, кээде,
Күнөөсүз бечараны күнөөлөйбүз.

Кошаматтын жоолугун салынабыз,
Коюнду ачып улукка жагынабыз.
Анткени такыр көнүп бүткөнбүз да
Ашмалтай адаттардын баарына биз.

Кашкайтып калппы, чынбы, тишибизди,
Кайра эле башка чапан жамынабыз.
Ушундай болбогон бир адаттардан,
Улагалаш коңшулар таарынабыз.

Башчыны пас болсо да кордобойбуз,
Байкушту ак болсо да коргобойбуз.
Алдоонун айлампасын арка тутуп,
А бирок, чындык сөздү колдобойбуз.

Күчсүздөн күнчүлүк жол алыс качып,
Күчтүүнүн этегине корголойбуз.
Өмүрдүн неге короп жаткандыгын,
Өлсөк да учурунда ойлобойбуз.

... Жаш таяп, улгаюуга барган кезде,
Кубаттуу, күчтүү жүрөк талган кезде.
Өткөнгө өксүй карап өкүнөбүз,
Жараткан кудуретти алган кезде.

Өткөрүп убакытты өкүнөбүз,
Ал кезде биз баарынан кечигебиз.
Көөнөргөн эски көлөч кейпин кийип,
Көрк кетип, улагада чечилебиз.

Кез кайда баягыдай дуулап өткөн,
Көктү көксөп зымырыктай зуулап өткөн?
Түн кайда сулуулардын коюнунда,
Түк тажабай баягы куунак өткөн?

Ошондо куну жок бул өмүр баркын,
Туябыз элдир-селдир анын наркын.
Чак түштүк убакыт да кымбат болуп,
Көрүнөөр ар бир мүнөт каухар, алтын.

... Андыктан бул өмүрдүн ар бир күнүн,
Ардактап өз кезинде үнөмдөйлү.
Урпактар кеп маанисин туя жүрсүн,
Ар дайым бар бололу, түгөнбөйлү!

## БУЛБУЛ

Булбул дейт чыгаан ырчыны,
Булбул дейт таамай акынды.
Өзүндө татаал үн сыры:
Булбул деп койгон неликтен,
Чымчыгым, сенин атыңды?

Сайрайсың тынбай үн безеп,
Кайрыгы татаал күүңдүн.
Таңды-кеч талбай тил безеп,
Бирине-бири окшобойт,
Сыйкыры мукам үнүңдүн.

Сайрайсың эмне жөнүңдө?
Түшүнүү кыйын дил сырың.
Арналат кимге ыр чының,
Арманың барбы арылбас,
Ардагым, асыл чымчыгым?

Кайталоо болбойт үнүңдө,
Кайрыктар күүдөн жаңылбайт.
Өксүктөр барбы сүйүүңдө?
Угамын уюп сезимим,
Угуудан кумар жазылбайт.

Жаратаар элем бир дастан,
Түшүнсөм эгер үн сырын.
Андыктан арнап ыр жазам,
Сайрачы дагы улантып,
Садагам, асыл чымчыгым!

Керемет толо үнүндө,
Бурулуп тилиң ката элек.
Кейиштер көп го сүйүүдө,
Сайрай бер, булбул, сайрай бер,
Таң али жаркып ата элек...

## ЖЕР КӨЧКҮ АЛААМАТЫ

Жергеме бүлүк салды,
Жер көчкү алааматы.
Түндүгүм түрүп салды,
Жүрөгүм канап атты.

Кыйылды канча өмүр,
Кыркылды канча жаштык.
Кыярып чөктү көңүл,
Кайгыга канча баттык?

"Балам" деп ата ыйлап,
"Кызым" деп эне ыйлап.
Кыркылбай турат боздоп,
Кыйын го жанды кыймак!

Кыйын го жанды кыймак,
Кутулуу алааматтан.
Кыз кетти, улан кетти,
Бой тартып бара жаткан.

Өкүрүк өңгөч үзгөн,
Өзүнө угулбастан.
Арманда кетти аттиңай!
Аруулап жуулбастан.

Шейиттер – күнөөсү жок,
Жайыңар жайлуу болсун.
Калганга өмүр берип,
Топоңор майлуу болсун!

**БАРПЫГА**

Урпактарга мурас болоор буюм да,
Улуу зергер талантынан жасалат.
Сен ырдаган ырлар дайым эскирбейт,
Улам мезгил өткөн сайын жашарат.

Ырлар толо калып калган сандыгың,
Изилденет дагы канча сан кылым.
Бул жалганда өзүң эмес бир гана,
Ырлар үчүн жаралгандай жан-дилиң.

Ар бир айткан сөзүң макал элиңе,
Ар убакыт кызмат кылат жериңе.
Ырысына уюткулуу кыргыздын,
Сендей алптар өлбөс болсо эмине!

Алп чыкмаксың кыйырына кыргыздын,
Жер түгөнөөр бул дүйнөнүн чегине.
Ырдаганда уюп турмак дүйнө эли,
Ысынышып оттуу ырлар демине.

Жаш өмүргө бир кылчайсак жалпы эле,
Ашыра айтып, артык койгон барк дебе.
Бүт Мажнундун арзуусуна барабар,
Сен ырдаган "Мөлмөлүмдүн" наркы эле.

Сен ырдадың кыйры чексиз ааламды,
Көз өткөнчө сыпаттадың адамды.
Жарык сезбей калганыңа карабай,
Көөдөнүңдөн көлдөй ырлар жаралды.

Сен жараттың акак ырлар шурусун,
Сен токудуң мажүрөө эмес, улуусун.
Ыраңы серт, бучук-сучук ыр эмес,
Сен жараттың эл суктанаар сулуусун.

... Урпактарга мурас болоор буюм да,
Улуу зергер талантынан жасалат.
Сен ырдаган ырлар дайым эскирбейт,
Улам мезгил өткөн сайын жашарат.

## БЕШИК ТОЙ

"Бешиктеги баланын,
Бек болоорун ким билет?
Карындагы баланын,
Хан болоорун ким билет?" -
Деген кептин алдында,
Демдүү, дандуу бир тилек.

Улуу сөздүн байыртан,
Улап келген учугун.
Ыраа көрбөй башкага,
Тууган жердин нукумун.
Ата журтун сактаган,
Сенин урук-тукумуң.

Ак жолтоюм, алдейим,
Аман болсун жан демиң.
аңдап угуп чоңойгун,
апакеңдин алдейин.
Анан дагы эске тут,
Атакеңдин ар кебин.

Арча бешик - сен жаткан,
Алгачкы алган үлүшүң.
Арбып турсун ар дайым,

Аардуу сүйкүм күлүшүң.
Актап берчү адам бол,
Ата журттун үмүтүн.

Санжыралуу сыры бар,
Санат жаткан бул бешик.
Алмустактан адамга,
Танапташкан бул бешик.
Мартабалуу түпкү атаң, -
Манас жаткан бул бешик.

Азретаалы, Улукман,
Шерлер жаткан бул бешик.
Асанкайгы, Чарияр,
Эрлер жаткан бул бешик.
Алтын, каухар кудайы -
Зергер жаткан бул бешик.

Эне тилдин устаты -
Акын жаткан бул бешик.
Энекебиз Каныкей,
Мактым жаткан бул бешик.
Бүгүн сенин бактыңа,
Буйрук болду кездешип.

Бешик боон бек болсун,
Бек калкаалар чеп болсун.
Беймаза күн ылайым,
Бекзаададан чет болсун.
Телегейиң тептегиз,
Кешик, ырыс көп болсун.

Барчылыктын насиби,
Буйрук болсун дайыма.
Балкылдатып соргонуң,
Куйрук болсун дайыма.

Тыңып чоңой дени сак,
Тынчтык күндүн астында.

... Тыңша бөбөк, садага,
Таенеңдин обонун.
Чоңойгончо эстеп кал,
Чоң энеңдин жомогун.
Апаң - Алтын чынарың,
Атаң - түптүү омогуң.

Кандыра албай кумарын,
Көрүп сенин дидарың.
Бүт чогулду бул жерге,
Бүгүн урук-тууганың.
Бейиш кушу байырлап,
Гүлдөп турсун гүлбагың.
... Бейпил күндө чочубай,
Укта, бөбөк, уктагын!
Уктай койгун, уктагын!

## ЖАЛГЫЗДЫКТЫН ЫРЛАРЫ

*(Түрмөк)*

... Мөлтүрөгөн тоо булагы сыяктуу,
Таза дегем сенин сезгич жүрөгүң.
Ал үмүттү улап дайым турактуу,
Үзбөйм сенден.., үзбөйм келем күдөрүм.

Жакшы күндөр кайрылып бир келээрин,
Эсте дайым.., үмүт үзүп түңүлбө!
Билбей турам мындан башка не дээрим,
Кудайдын бир туз буюрган күнүндө...

- Жолугаарбыз биз экөөбүз кайрадан,
Узун түндө узак.., узак сырдашып.

Аруу түскө толуп бүткүл айланаң,
Ай төбөдөн кылайганда нур чачып...

## ЖАЗАЛЫЧЫ ЖАҢЫ ЫР

Сен да жазып жалгыздыктын ырларын,
"Арман менен азапсың!" -деп ырдадың.
Сезимдерди селт! - эттирген саптардан,
Сезем жаным, аянычтын сырларын.

... Сезим өксүк. Сен да жалгыз, мен жалгыз.
- Эмнеликтен бүтүн эмес, кем жанбыз?
Өр таянган өмүр жүгүн колдошпой,
Өчөшкөндөй сен экөөбүз тең жалгыз.

Же тартынып, колдон алып: "Жүр!" - дештен,
Жан белембиз табыша албай издешкен?
"Жалгыз!" деген сөздү оозануу - оор азап,
Жададым бул жабыркаткан илдеттен.

Бирге көрүп тагдыр башка салганды,
Бирге жашап бул дүнүйө - жалганды...
Жазалычы "экөөбүз" деп жаңы ыр,
Чийип салып "азап" менен "арманды"...

## ЖАШТЫК

Өткүр элең колдон качкан жаштыгым,
Өзүң менен он бешимде көрүшкөм.
Ошол жазда туюп сенин наздыгың,
Он үчтөгү бир кыз менен өбүшкөм...

Алоо демиң жанып турган от эле,
Жан бүткөнгө Прометей тараткан.
Ошол кечте бактылуу жан жок эле,
Менден өткөн.., жаш periге жанашкан.

Кайкып учуп канатыңа мингизип,
Кезинде сен канча жерге алпардың!
Капа кылып, же бир тилим тийгизип,
Качан сенин көңүлүңдү кайтардым?

Көөдөнүмдүн тереңинен суурулуп,
Караан үздүң элес болуп кылактап.
Ээн калган ордуң жоктойм буулугуп,
Эч токтобой баратасың ыраактап.

- Калдым окшойт сенден эми айрылып..,
күндөр зуулайт күмүш чоорлуу, кыяктуу.
Кеттиңби эми бир кылчайбай кайрылып,
Көөнү калган ойнош келин сыяктуу?...

* * *

Турмушта алмашуу бар, өзгөрүү бар,
Күтпөгөн тагдырларга кез келүү бар.
Өмүрдүн ыраактаган жашыл жазын,
Өткөнгө бир кылчайып эскерүү бар.

Гүл элең сен ал кезде жайнап турган,
Жанары жан кумарын арбап турган.
Келбетиң кербездүү эле жаш кайыңдай,
Шагында булбул таңшып сайрап турган.

Ырахат алып жаркын маанайыңдан,
Ыкыбал, ырыс ташып таалайымдан.
Мен сени эркелетип, сылачу элем,
Гүлбурак жийде жыттуу саамайыңдан.

Кыялга Кызыл мокчок седеп тагып,
Биз жүргөн кызгалдактуу белес калып.
Ал күндөр караан үзүп кетти бизден,
Артында арман толгон элес калып...

## ӨКСӨП ЫЙЛАЙТ ТЕРЕКТЕР

Айылдагы өсүп турчу көк тиреп,
Көп теректер түшүмө абдан көп кирет.
Шаа жетпеген саябандуу шактары,
Шайы оогончо өксөп ыйлап эчкирет.

Ойлойм: - Кайран теректер не капалуу..,
Ошондогу күндөрдү эстеп жатабы?
- Тоо томкороор шамалга да кебелбей,
Тосуп турчу бизди алардын катары.

Асыл кайран теректерим, көркүңө,
Төп келишип бүткүл коздук жарашчу.
Мекен кылып бизден башка өзүңдү,
Жашачу эле канча түркүн канаттуу.

О жайкысын базар болуп ажайып,
Шактарыңа куштар уя салчу эле.
Балабыз да.., балапанын алганы,
Атайылап даярданып барчу элек.

Тартуу кылып табияттын дөөлөтүн,
Ал кездерде артык экен сөөлөтүң.
Көлөкөңдө күн батырчу ошол кез,
Кетпес Эстен айтпасам да өңгөсүн.

... Өттү жылдар. Бир четинен кыркылып,
Өзүң устун, отун болду кырчының.
Канча, канча тактай болуп тилинди,
Карт теректер өмүр сүргөн бир кылым.

- Кимдер кылды кыянаттык?... Билбедим.
Ордуңарды жоктоп ыйлап издедим.
Сиилер эмес, силер менен чогуу өткөн,
Таппай калдым балалыктын издерин.

Караан тутуп, камкордугун оронгон,
Кайран куштар кайда житип жоголгон?
Дүмүрөйөт эңилчектүү дүмүрлөр,
Ордуңарда кыйып, кесип тонолгон.

... Көркү артып өсүп турчу көк тиреп,
Көп теректер түшүмө абдан көп кирет.
Шолоктошуп саябандуу шактары,
Сооронбостон өксөп ыйлап, эчкирет...

* * *

Түн ээрчиткен түйшүктөрдөн арылбай,
Түнөйт санаам түнөгүңдү байырлай.
Жаткандырсың жалгыз жаздык жазданып,
Же бүкүлү.., жайлуу төшөк салынбай.

Түрмөк ойлор түн уйкуңду үч бөлүп,
Тынчың кетип уктай албай түйшөлүп...
Татты уйкуда жатасыңбы а балким,
Таттуу кездин бир ирмемин түш көрүп?

Кундуз чачың пар жаздыкка чачылып,
Жүзүң чүмкөп ай нурунан жашырып.
Же жамынбай ак мамагың булайтып,
Катуу уктап калдың бекен ачынып?...

- Айталбасмын аны эч бир аныктап,
Азыр ушул абалың маа табышмак.
Аста калкып ак булуттун үстүндө,
Ай төбөдөно ооп барат алыстап...

## ҮМҮТ МЕНЕН ЖАШАЙТ ПЕНДЕЛЕР

Сырыңды айтпа түшүнбөскө бекерге,
Сыймыгыңды баалаар пенде кабылаар.
Максатыңдын маарасына жетээрде,
Сыйлачулар издетпестен табылар.

Кадырыңа жетээр бирөө байкабай,
Кайчылашып өтүп кетип жаткандар...
Сабыр күткүн.., тагдырга эч наалыба,
Сенин баскан жолуң ал да баскандыр...

Кайгырба эми.., калаар бир күн кездешип,
Ошол гөзал - таалайыңа жеткирээр.
Жаштык кездин жашыл күнүн эстетип,
Жабыркаган көңүл кирин кетирээр.

Көтөрө бил азап жүгүн, арданба,
Андай түйшүк болуп калса сенде эгер.
Тагдырдын бул тардыгына таңданба,
- Үмүт менен жашаш керек пенделер!

## ОЙЛОР БИЙЛЕЙТ СЕЗИМДИ

Кайра ашырып жалгыздыктын элесин,
Кайрылбай сен неге кыйгач өтөсүң?
Же атайлап элес албай койдуңбу,
Эркектердин ээнсиреген кепесин?...

Күлө карап кирип келсең жарк этип,
Кир көңүлдөр ачылбайбы шаңк! - этип.
Алды сурап башбакпастан кетипсиң,
Ооруп жатсам азап чегип, ал кетип.

- Булар мага же ким эле? - дедиңби,
Оолак тутуп ошон үчүн өзүңдү?
Отурам мен түн терметип, ыр жазып,
Ойлор кыйнап.., ойлор бийлейт сезимди...

## ШАМАЛ СОГОТ АЙДАРЫМ

Жашай албас ырсыз, күүсүз, жомоксуз,
Жашоого биз келип-кетээр конокпуз.
Ошондуктан өтөөр күндүн ар бири,
Өтө кымбат.., бошко саатын короткус.

Канчалык көп болсо дагы тааныштар,
Арасында арзыганың бир адам.
Көптөр өткөн бирок аны таба албай,
Арман ырын ырдап ушул жалгандан.

Жылдыздары бирге жанып тең келээр,
Бул жашоодо азбы ушунча пенделер?
Араздашуу.., ажырашуу айынан,
Арабызда болуп жатат эмнелер?

Бирөөлөрдүн кыйрап жашоо турагы..,
Бирөөлөрдүн жанбай калды чырагы.
Агып келет өз нугунда соолубай,
Алмустактан аккан жашоо булагы.

... Кайыктырып бирок турмуш ызгаары,
Канча жүрөк.., канча сезим сыздады!
Ырк кетишүү жылуулугун качырып,
Ысык.., жайлуу канча төшөк муздады?

Пенде экенбиз бирок, аны ар кылбас,
Пейил бузуу кимди гана азгырбас!
Баш кошкондор ысык-суукту тең бөлүп,
Болсо кана дайым бирге тагдырлаш.

... Бул тагдырды мен да баштан өткөрдүм,
Келбейт бирок жалгыз сени жек көргүм.
Кадырымды барктабадың кезинде,
Капарыңа, кечир.., өтө кеч келдим...

Карыш турган аралыкты арытпай,
Кантсем дагы кадам арбып жарытпай.
Калкып барам чексиз мухит үстүндө,
Караан үзгөн калагы жок кайыктай.

Алыс калды жашыл жээктин майданы,
Артып барат азабы күч арманым.

Белгисиз бир жашыл арал көрүнүп..,
Бет алдымдан шамал согот айдарым!

## БИР ТАГДЫРДАН КӨРӨЛҮ

Сени күттүм.., сезим онтоп, жан ооруп,
Сени буйраар тагдырыма жалооруп.
Капалантып кайгыртпачы агаңды,
Карындашым, калбайынчы дагы ооруп.

Сезим калбас ашыглыктан унутта..,
Сен да ойлон.., бул арзуумду унутпа!
Сенден сезип шекер даамын жашоонун,
Сени менен жетсем деген булутка...

Иренжибе ишенимден бекерге,
Ийгин башты урматташып өтөөргө.
Коё бербей кармап калгын бактыңды,
Кокуй тагдыр колдон жулуп кетээрде.

Баштагыдай жаш эмеспиз секелек,
Бала эмеспиз сүт оозунан кете элек.
Жанар тоодой жаңып турган алоолоп,
- Жанды эритээр сүйүү деми өчө элек.

... Болбойт эми кайра экинчи төрөлүү,
Боз ат минген курак эбак жөнөдү.
Жакшы күндө, татты күндө бир болуп,
Жазмыш кошсо бир тагдырдан көрөлү.

* * *

Таң алдында жанган Чолпон сыяктуу,
Так алдымдан өтүп кетти бир ак куу.
Толгон айдай толукшуган.., чырайы,
Сепкили жок, сенин өзүң куралтуу.

"... Калбагандыр карабаган жан адам,
Көрбөптүрмүн башта биздин калаадан.
Кайтып келген Кайып кыздын өзүбү? -
Деген ойлор чыкпай турду санаадан.

... Жарык төгүп жанган жылдыз сыяктуу,
Жандап өтүп кете берди бир ак куу.
Тунуктугу турпатына жарашкан,
Сага окшош.., сенин өзүң куралктуу....

* * *

Сураганы барган элем жайыңды..,
Жанбай турат терезеңин жарыгы.
Жакынсынган адамыңды таба албай,
Жаман экен.., жаман экен зарыгуу.

Көп күн болду көрүнбөйт эч караанын,
Кимден сурап, кимден билем кабарын.
Сенин кара чачтарыңа окшошуп,
Күн бүркөлүп, ачпай койду кабагын.

Жылдыздар жок.., булуттарга жашынып,
Ай да күңүрт, аппак нуру басынып..
Туман болуп тумчуктурат миң сана,
Келем илкип.., үмүттөрүм чачылып...

## АЙДАНА

Түн... Түшүмдө жарык бүткүл айлана,
Ай баратат калкып көктө жай гана...
Азып калган.., шакмар болуп беттери,
"Атаке!" -лейт кичинекей Айдана.

Аппак бети туурулуптур тордолуп,
Кокочо кир кичинекей колдору...
Башка журтка батына албай, көнө албай,
Байкуш кызым, жүрөсүң бейм кор болуп?..

Ыйлай берип туурулдубу беттериң,
Ылгадыңбы суусу башка тек жерин?
Кандан бүткөн.., жандан бүткөн мага окшош,
Кагылайын, кичинекей кептерим!

... Ойлонгондо кенен дүйнө тар мага,
Ойноп жүрөөр кезиң, кызым, зар мага.
Бети-колуң таза жууп, кир болбой,
Бетим өпчү, - "Атаке!" -деп, Айдана!

* * *

Бүгүн неге ээнсиреп айлана,
Бир башкача жымжырттыкка оронгон?
Буурул түндүн көрүмү да кайманa,
Сумсайыңкы суз көңүлдөй бозоргон.

Менин гана коргоп ыза, капамы,
Мына ушундай туюлгансып жатабы?
Жан дүйнөңө тынчтык бербей кыйнаган,
Жаман экен жалгыздыктын азабы.

Ойлор агат сезимдерге сыйбаган,
Дубан бузаар тулпар болуп туйлаган.
Ыр саптарын иргеп кармап кала албай,
Ырпым кетип ызаланам.., кыйналам.

Мен жашоонун ута албасам мөөрөйүн,
Тайкы бүткөн тагдырымдан көрөйүн.
Ыр сабынан издеп таалай, бактымды,
Илхам берээр буудан минип жөнөйүн...

**... КЕЛЕТ ЖАНЫП**

Айдарымга чачтарын элкин тарап,
Асыл күндөр арманда өтүп барат.

Өр таянып өйдөлөп журт которуп,
Өмүр улам билинбей көчүп барат.

Карчыгадай кайкыган канат сабап,
Кайран жаштык кайрылбай жөнөп барат.
Уурдап калып мезгилдин жашыл журтун,
Убайымга утуру бөлөп барат.

Коңгуроолуу күндөрдү - жаркыраган,
Комуз сымал күү төгүп шаркыраган.
Кош тизгинин ээ кылбай өктөм мезгил,
Коштоп жөнөйт буудандай аркыраган.

Өткөн күндөн өчпөгөн элес калып,
Өрөпкүткөн өрүштөр.., белес калып.
Унуткан улуу тоолор мекенине,
Үркөр болуп үмүттөр келет жанып...

## КЕЛЧИ АТКАН ТАҢ МЕНЕН

Күкүк сымал түн күзөткөн муңканып,
Күңгүрөнөт көөдөнүмдө ызалык.
Жалгыздыктын сааты тынбай чыкылдап,
Жан дүйнөмдү жабыркатат кусалык.

Сезилесиң жакын туруп алыстай,
Сенин дүйнөң сыр катылган тарыхтай.
Сабыр күтүп сагынычты жазып кет,
Сапарыңды шашып эрте карытпай.

... Түйшүктөнөм күтүп таңдын атаарын,
Түн да узартып туруп алды сапарын...
Сенин кара чачтарыңа түспөлдөш,
Чечпей кийген кара көрпө чапанын.

Күтөм сени.., келчи аткан таң менен,
Күндөй жаркып күлүмсүрөп саар менен.

Үшүп турган үмүтүмдү жылытып,
Үлбүрөгөн гүлдөй назик наар менен.

## КАГЫЛАЙЫН КУШТАРЫМ

Кулу болуп түйшүк менен бушмандын,
Келсем дагы мен жашоого куштармын.
Өткүм келет ырдап ушул жалгандан,
Өмүр бою үнүн туурап куштардын.

Жаштыгымды өчпөс жаркын сынынан,
Тоо суусундай аскаларга урунган..,
Тыңшап жатып жан эриткен авазын,
Сезем таңкы боз торгойдун ырынан.

Төр жайлоодо сүтак үнүн укканда,
Артык азап тартып байкуш куштан да...
Айланам мен канаттары жаралуу,
Алсыз кушка, алы келбес учканга.

Жалгыздыктан жандүйнөмө түшүп түн,
Жабыркатып жүрөгүмдү үшүттүм.
Жатам кээде уктай албай толгонуп,
Жан кейиткен үнүн тыңшап күкүктүн.

Арман толгон көздөр көрсөм кусалуу,
Ак чынардан айрылган шак, бутагы.
Абалдамын. Келет шаттык апкелгим,
Айдап салып бүтүн азап, ызаны.

... Азыр, мына, пайгамбар жаш туштамын,
Азап го эми баштагыдай учмагым.
Кайкып өтсөң канатындын күүсүнөн,
Канээт алам, кагылайын куштарым!ын!

## АБДАН КЫЙЫН

Аял үчүн ариет – баары болуу,
Ар бир үйдүн кут берген шамы болуу.
Асылзаада перище болсо дагы,
Абдан кыйын акындын жары болуу.

Акын жазат арманды муңга чөккөн,
Ак сүйүүнүн лаззатын нурга чөккөн.
Кээде ыйлап, кейиштүү түн терметип,
Кесир болгон арзууну ууга чөккөн.

Кейипкердин элесин күнгө теңеп,
Кербез боюн кештелүү түргө теңеп.
Кетет ою, санаасы дервиш болуп,
Кең дүйнөнүн кыйырын дүргө теңеп.

Жакшы бир ыр жаралса калеминен,
Жаш сызылып сүйүнүчтөн карегинен.
Жанар тоодой жаркырап бир көрүнөт,
Жан кумары жашоонун дарегинен.

Канээт кылып кайгыга, муңга чөксө,
Карабаган байлыкка, мата, бөзгө.
Акын журту улуу журт жөпжөнөкөй,
Календердей баа берген туура сөзгө.

.. Аял үчүн түшүнүш аны кыйын,
Ал андыктан акынга баары кыйын.
Айып көрбө асылзат, о айымдар,
Акындарга жар болуш дагы кыйын!

* * *

Толгон ай бүркөк түндө жарыгы жок,
Үркөрдүн үйүр алаар айылы жок.
Жалгыздык - жан кейитээр арман, азап,
Жан шерик түгөйү жок, жарымы жок.

Ызгаардуу кышта күндүн аптабы жок,
Ырк кеткен орозгердин шатманы жок.
Ыкыбал, дөөлөт, бакыт кайтаар кезде,
Ырыстуу күндүн атаар ак таңы жок.

Жай аккан суунун албуут кубаты жок,
Намызсыз, абийирсиздин уяты жок.
Татымсыз.., акыл-эске эзел жукпас,
Тантыктын кеп-сөзүнүн ыраатты жок.

Мерездин бечарага кайыры жок,
Мээнеттин - пайда апкелээр, айыңы жок.
Мертинсең ак жеринен азап чегип,
Кемсинбе, кейий турган айыбы жок.

## УУЛУМ ЖАЙДАРБЕККЕ

Тунугун ал менде болгон сезимдин,
Туурасын ук мен сүйлөгөн сөзүмдүн.
Жаш чайганын көрбөсө экен атакең,
Жан балам ай, сенин баёо көзүңдүн.

... Биз бөлүндүк ыркы келбес бүлөдөн,
Сен демимсиң кайратымды бүлөгөн.
Жаны кейип.., көрбөсө экен атакең,
Жан балам ай, кебетеңди жүдөгөн.

Эр жетээрсиң.., сага акыл, эс кирээр,
Бул күндөр да унутулуп эскирээр.
Пендем десе, куру койбой Теңирим,
Бизди дагы максаттарга жеткирээр.

Сабагыңды жакшы окуп сыналгын,
Сабында бол алдыңкынын, чыңалгын.
Өксүтпөскө, өмүр берсе жараткан,
Ант беремин алдында ыйык Курандын!

## КӨРҮНҮП КОЙ

Күндөр зуулайт күлүк ойдон тажаткан,
Кептер болуп көк кештелүү канатчан.
Жалгыздыкта түн күзөтүп уйкусуз,
Жадап бүттүм жан кейиткен азаптан.

Көзгө урунуп аруу нурдай элесиң,
Алаксытып, жанга кубат бересиң.
Кандырып сен жалгыздыктын чаңкоосун,
Кыялымда кымыз сунуп келесиң.

Кут төгүлүп Көкө Теңир тараптан,
Кутулаар кез кана ошол азаптан?
Арзууң төгүп көрүнүп кой бир жолу,
Ак кептерим - мен таба албай адашкан.

## ТУЙБАПТЫРМЫН

Тар кыяда жолуктук элек экөөбүз,
Татаал эле сенин жапжаш тагдырың.
Аралыкты азыр өлчөп ченегис,
Жолдор алыс.., жолдор узак чакырым.

Ойлобогом биздин жолдор - кыйчалыш,
Кийин башка-башка болуп кетээрин.
Биздин тагдыр бир-бирине чырмалып,
Тилечүмүн бир сызыкта өтөөрүн.

Тилечүмүн Жаратканга табынып,
Түшүнбөдүң аны бирок, билбедиң.
Бара-бара тагдырга мен таарынып,
Аруу дүйнөм азып улам кирдедим.

... Тар кыядан жолукту элем мен сага,
Татаал болчу сенин жапжаш тагдырың.

Туйбаптырмын эзип өтөөр миң санаа,
Кең дүйнөнүн кэдде ушунча тардыгын...

## ЖАШТЫГЫМДЫ ИЗДЕП КЕЛЕМ

Сагынткан узак-узак сапар кетип,
Кайрадан куштар кайтат көктөм менен.
Саамайын мажүрүм тал ондоп тарап,
Кайрадан суулар агат өстөн менен.

Шагынан апапакай нур жылт этип,
Кайрадан өрүк, бадам гүлүн ачат.
Жыты аңкып ноoруз гүлдүн белестерден,
Кайрадан буруксуган жыпар чачат.

Жан кирип куттуу даркан талааларга,
Торгойлор шаңга бөлөйт теребелди.
Жамгырлуу жашыл көйнөк көктөм жазым,
Жашартат жакутка ороп Эне-Жерди.

Жатыркап жашыл күндүн каткырыгы,
Жан отун жандыра албай азгырыгы.
Мен келем зарлап издеп, дайнын таппай,
Сен уурдап алып кеткен жаштыгымдын...

## КЕТКИҢ КЕЛЕТ ЖЕР КЕЗИП

Карегимден өчпөйт өткөн элестер,
Кайра-кайра келет көзгө тартылып.
Кой кайтарып, жылкы тоскон белестер,
Көңүл козгойт.., кусалыгым артылып...

Эстейм дайым эр ортону курагын,
Кара сакал, кара мурут атамын.
Азыр менин дал ошондой курагым,
Эми, мына, элүү ашуу ашамын.

Бул куракта төрт түлүгүн төлдөтүп,
Калкос малын чыгымдабай кайтарган.
Мээнет кылып, төгүп маңдай берметин,
Эмгегинен эл урматтап, барк алган.

А мен болсом келем илкип катарга,
Жетип, жетпей.., араң эптеп илешип.
Түн терметкен уйкусу жок сапарда,
Түрмөктөлгөн саптар менен күрөшүп.

Качат саптар кайберендей кыр ашкан,
Малчы өңдүү тынч укташ жок бел чечип.
Кандай азап.., канчалык оор ыр жазган,
Дервиш болуп кеткиң келет жер кезип!

## ӨЗҮҢ МЕНЕН БИР ӨТСҮН

Жеткичекти чарчап.., жаным ооруттум,
Айдыңына элүү жаштык крнуштун.
Эбак качкан жаштыгымды эстетип,
Эркем мага капысынан жолуктуң.

Карааныңды издеп карек тешилттим,
Кайгыруудан жүрөгүмдү эзилттим.
Кайберендей абийириме туш болгон,
Кара көзүм, картаярда кезиктиң.

Тунугумсуң тоодо шылдыр булактай,
Жарыгымсың түндө жанган чырактай.
Жашартуучу жабыркаган көңүлдү,
Жагымдуусун күү төгүлгөн кыяктай.

Кызгалдагым - кол булгаган кырдагы,
Бермет сөзүм - жаңы жазган ырдагы...
Өзүң менен түбөлүккө бирге өтсүн,
Өмүрүмдүн калган эмки жылдары...

*Декабрь - апрель, 1999-жыл, Жалал-Абад шаары.*

## ЖАЙЛОО ТҮНҮ

Сүттөй аппак төгүлгөндө ай нуру,
Сүйкүмдөнүп "Четиндинин" айдыңы.
Серепп салып жалтырак ак зоолорго,
Сезээр элем кереметин жайдын бу.

Жылдыз жайнап так төбөдөн албырган,
Жымыңдашып көз кумарын кандырган.
Карап жатып бул укмуштуу дүйнөнү,
Күкүк үнүн тыңшаар элем жан жыргап.

... Тон жамынып ыктап байтүп четинге,
Жараткандын ар бир түнү, кечинде.
Уктаганча бутун аалам тынч алып,
Түн күзөтөм кой короонун четинде.

Түнкү тынчтык түрмөк болуп өрүлөт,
Ай нурунда баары түгөл көрүнөт.
Ыңкып жаткан койлор кокус кыр беттеп,
Мен күзөтөм кетпесин деп сергүүлөп.

Ак боз үйдө апам бейтынч түйшөлүп,
Түтө албай түн уйкусун үч бөлүп.
Байкуш балам калбасын деп ачынып,
Келет беш маал жатсам дагы түш көрүп.

Ай нуруна ак мөңгүлөр нур чалып,
Ак чач тоолор апакай кур курчанып...
Бул дүйнөдө сулуу түндөр өтө көп,
Мен көргөндөй түндөр болбос мынчалык.

Жайлоо түнүн көрдүң беле ушундай?
- Нурун төгүп бийик зоонун тушунда Ай.
Тоолор аппак, ыңкып жаткан короодо,
Койлор да аппак тизип койгон тукумдай...

## ӨКСӨСӨҢ КЕЛБЕЙТ ӨТКӨНҮҢ

Өксөбө.., мейли, өксөгүн,
Өбөктөп жашың төкпөгүн.
Эбакки көргөн бир түштөй,
Эч качан келбес өткөнүң.

Сүйүнгүн.., мейли, сүйүнбө,
Сүйкүмсүз кепке күйүнбө.
Азаптуу күндүн артынан,
Аруу таң атаар, түңүлбө!

... Өмүрлөр жашыл жаз эле,
Көңүлдөр куунак наз эле.
Акактай тунук биз курдуу,
Ай дагы анда жаш эле...

Ак жылдыз болуп жайнаган,
Албырып турчу айланаң.
Аттиң-ай эми ал кездер,
Артына кайтпас кайрадан.

Оюнга тойбос чак калды,
Оопасыз күндөр бат калды.
Акчөлмөк ойноп таң атчу,
Айдыңдуу конуш жак калды.

... Өксөбө.., мейли, өксөгүн,
Өбөктөп жашың төкпөгүн.
Эбакки көргөн түш болуп,
Өксөсөң келбейт өткөнүң!

## КОШ БОЛ, ЖАШТЫК

Бел майышкан узак жол сапарында,
Төөлөр боздойт кербендин катарында.

Ак таңдын кереметин сезбейт алар,
Ал эмес күндүн кантип батаарын да...

Муңканып ак боз инген боздоп келет,
Муңдуу бир ый калбастан коштоп келет.
Адашып айры жолдо таппай калган,
Ботосун арман менен жоктоп келет.

Желининен сүт агып ыйлап келет,
Кырк тамыры зыркырап сыздап келет.
Кайыштырган жүк эмес, ботосунун,
Какшап калган абалы кыйнап келет!

... Чаташкан ой түрмөгүн чубай албай,
Ыр менен инген ыйын улай албай.
Убайым зээн кейитип эзсе жанды,
Буулугуп улутунам чыдай албай.

Ботонун көзүнө окшош мөлтүр сезим,
Жайнабай жабыктыңбы, кайда кеттиң?
Калдыңбы мени таппай жетимсиреп,
Адашып аалам кезген жаштык кезим?

Кеттиңби келбес болуп эми кайра,
Кенемтеси топтоло жашыл жайга?
Кайыр кош сүт ботодой жаштык кезим,
Эми биз жолугушчу жолдор кайда?!...

## АПАКЕМЕ КАЙРЫЛУУ

Жаным апа, жамалың кут жолума,
Жаш кезиндей көп келесиң оюма.
Ак сүтүңдөн алган ыйык кудурет,
Ар убакта кубат берет боюма.

Бүтүн бойдон уюп турат сезимде,
Бүт турпатың сенин сулуу кезинде.

Убайымсыз коюнуңда мемиреп,
Уктап калчу ууз күндөр эсимде.

Асыл апам - жанга жөлөк, омогум,
Али эсимде сенин жаштык оролуң.
Айылчылап мени жонго көтөрүп,
Жолдуката айтып берчү жомогуң.

Кебелбеген кербен шаарым, турагым,
Кирет түшкө сенин жапжаш убагың.
Бөбөгүмдө сен ырдачы алдейлеп,
Бешик ыры - жашоодогу ураанымI

Жаным апа, кемибес кенч, базарым,
Кейигенде көп өттү го азарың.
Көкөй кескен татаал тагдыр жолумда,
Сени эш тутуп, сени менен агардым.

Көөнүң кирдеп менин жайдак бактыма,
Кейир элең бейпешене чактыма.
Катаал тагдыр маңдайыма туш келип,
Кайран жылдар кайып болуп качты да...

Ачпай сырды бөлөк-бөтөн кишиге,
Арманыңды салып кеттиң ичиңе.
Кыйналдыңбы мени ойлоп кайгырып,
Көптөн бери кирбей койдуң түшүмө?

... Жүрөм апа, көпчүлүктүн сабында,
Айткан кеңеш, масилетиң жадымда.
Сенин камкор, сенин ыйык мээримиң,
Акыл болуп агып турат канымда.

Чабалдыгым болбош керек ал менин,
Тагдыр жолум татаал болсо кантейин?
Моюн бербей чыдап ысык-суугуна,
Тартып келем бул жашоонун даргөйүн.

Абалымды балдарым да түшүнбөс,
Кеч билишээр.., кадырымды түшүрбөс.
Арзымды угаар ак дасторкон четинде,
Жалгыз гана өзүң элең пикирлеш.

... Түк сезилбейт саратандын ысыгы,
Бул эмне аян? - Өмүрүмдүн кышыбы?
Өтүп жатат мага өчөшкөн күн, түндөр,
Окшош баары - ысык-суугу, кызыгы.

Аруу аткан ак таңдарды утурлап,
Сезим түнөйт бир бактылуу учурга.
Өткөн өмүр кайрылбасын эскертип,
Саат гана кагып турат тушумда...

Зор канимет тапкан бала-чакама,
Көңүлүңдү оорутпачы катама!
Жашыргандай жаңылганым тирүүңдө,
Айтпай эле кой арманымды атама.

- Элге кылган Ишим болоор акыбет,
Бул айтканым болбосунчу касырет.
Арбагыңдан айланайын апакем,
Акыр бир күн кезиктирээр акырет!

## БАР БОЛГУН БААРЫБЫЗДЫ КУБАНДЫРЫП

*(Агам Токтогулдун туулган күнүнө)*

Кайышпайм.., өзүң барда көңүлүм ток,
Беделим, белим бекем, арманым жок.
Жазмышым жабыр салып, кайгырганда,
Жадымда жардамыңды турам жоктоп.

Кылчайсам балалыкка көңүл бөлүп,
Алп тоолор кебелбестен жатат төнүп...

Алкынтып аргымагың, улак тарткан,
Ал күчтүү турпатыңды турам көрүп.

Ал кезиң пир колдогон курак эле,
Кумарың кийик менен улак эле.
Кербездүү келиндерди ашык кылып,
Кездешчү жериң мөлтүр булак эле.

Жеңемин бейиши болгур ичи тарып,
Катуураак кеп айта албай, ичтен жанып.
- Каякта жүрөсүң? -деп бизге угузбай,
Байкушум калаар эле кэзде наалып.

... Ал күндөр өксөсөң да кайтпайт эми,
Каякта жүрөсүң? -деп айтпайт эми.
Дуулаган өткүр кезиң, өктөм кезиң,
Өөн болуп, башкаларга жакпайт эми.

Анткени бул жалгандын мыйзамы ушул,
Күн өтсө өмүр, жаштын жылганы ушул.
Көңүлү калат дебей жараткандын,
Байыртан пендесине кылганы ушул.

Жаш өтөөр билинбестен улам жылып,
Аргасыз мыйзамына ынандырып.
Кебелбей токсон жашты таяганча,
Бар болгун баарыбызды кубандырып!

*27-март, 2010-жыл*

## ЖАКШЫ СӨЗ

Жакшы сөз кардай аппак, суудай тунук,
Жамалы жайнап турган кыздай сылык.
Жаман сөз иренжитет кир көйнөктөй,
Аргасыз кийип алган жуубай туруп.

Жашартып жандүйнөңөн орун табат,
Жакшы сөз өмүр бою эсте калат.
Көңүлдү оорутпаган андай сөздү,
Көп айтып өтсөк эмне атаганат!

Эскирбейт бут кийимдей кейпи кетип,
Жакшы сөз дайым жаңы, дайым жетик.
Жытынан ананайын, жыпар сөздөр,
- Кыздардай мөлтүрөгөн бойго жетип.

Апакем мени оозанткан кудөр менен,
Ааламда бир бактылуу жигер менен.
Арылбас арман, кайгы, кубанчымды,
Андыктан айтып өтөм силер менен!

## БИЗ ЖОЛУККАН ӨРҮКЗАР

Онунчуда окуп жаткан кезимде,
Оп тартылып абдан ысык сезимге.
Өнтөлөгөн бир жеңеме туш болуп,
Өбүшкөмүн өрүкзардын четинде.

Мен жаш улан, жеңем да анда жаш эле,
Жазындагы жоогазындай наз эле.
Өзөлөнткөн жаш сезимди кыя албас,
Өксүп калган махабатка мас эле.

Бозбаш элем мен андайга көнө элек,
Ургаачынын урмат, сыйын көрө элек.
Эң алгачкы көктөм жыты жыттанып,
Убак болчу өрүк гүлүн төгө элек.

Ургаачыда жубан болбос сенчелик,
Ууз жытыңа мас болгомун теңселип.
Калтар сындуу ошондогу келбетиң,
Кабыргамды кайыштырат эңшерип.

... Каректериң кайниң дале көрүп зар,
Кайып болгон ошол кезге көнүп зар.
Жеңем, мен да баратабыз картайып,
Картаюуда биз жолуккан өрүкзар...

## АЛП ТАЛАНТКА ТААЗИМ

*(Кайталангыс обончу*
*Рыспай Абдыкадыровдун эстелигине)*

Ал учур алыс... Канча ирет мезгил алмашты,
Ала-Тоо башын ак булут чулгап кар басты.
Биздин муун сенден үйрөнүп ырдап эр жеттик,
"Ботокөз" жана "Түгөйүм" менен "Алмашты".

Ышкы оту жанып ыкыбал толо кезинде,
Ылаачын куштун канаты бүтүп сезимге.
Ыйманга үндөп ырыс, кут чачкан тойлордо,
Ырдалчу дайым "Алтынчы күнү кечинде".

Жаңыртып көркөм арчалуу тоонун жылгасын,
Жагымдуу кайрык оболоп каптап кыр башын.
Жебеси болуп сабыры күчтүү арзуунун,
Сабалап учуп "Сагынуу" менен "Кымбатым".

Жараткан сага жарытаар өмүр кыйбады,
Жаш жигит бойдон жашытып кеттиң кыйланы.
Атаны арман!.. Ак куржун толо ыр артып,
Ак инген качты артыңан кошо буйлалуу.

Жансерек эмес, обондор аттуу жаны бар,
Кайрыгы сайын сүйүүнүн балдай даамы бар.
Жылдызга сиңип түбөлүк учуп кетсең да,
"Ак куулар" сени ар убак эстеп сагынаар.

... Бошотпо муунду. Калган жаш ырлар сабында,
Бозторгой болуп болуп жашоонун ар бир таңында.
Карлыгач сымал канаттуу обон, авазың,
Калкыңдын дайым айланып агаар канында.

Ак жылдыз болуп сөөлөттүү кыргыз элиңе,
Ак мөңгү тоолуу ажайып кутман жериңе.
Алп талант, сенин мурасың болгон обондор,
Атагың дагы апчыгаар дүйнө чегине!..

# ЛЕГЕНДАЛАР

*... Ар бир жердин аталышы кыргызда,*
*Өзүнчө эле айтып бүтпөс чоң дастан.*

## КӨК-АРТ БАЯНЫ

***(Легенда)***

Көк-Арттын жүрсө шамалы,
Көрсөтпөс жанга карaанын.
Көп эстейм айткан карылар,
Көк көйнөк келин жамалын.

Көнчөгү тийген асманга,
Көк-Арттын белин ашканда.
Көк көйнөк келин элеси,
Көп кыйнайт уктап жатсам да.

Көйгөйлүү жалган дүйнөдө,
Көп болгон менен ашык жар.
Көп миңден чанда кездешет,
Көңүлүн берген ашыктар.

Жараткан өзү жар болуп,
Теңири сүйгөн жан болуп.
Теңдешсиз чырай бир сулуу,
Теңине жетет пар болуп.

Азуусун кайрап ашынган,
Айлына келет бакыл хан.
Алганы тирүү келинге,
Ал кезде кимдер батынган?

Бастырбай алып такымдап,
Жашырбай боюн жакындан.
Жаш сулуу тартып напсисин,
Жагалмай болду качырган.

Жексур хан тырмак малаарда,
Жем болуп сулуу калаарда.
Жесегин кармап куралчан,
Жерине бүлүк салаарда.

Караңгы түндө коо беттеп,
Карааны сүрдүү тоо беттеп.
Качырып боюн кетишет,
Кайберен жүргөн зоо беттеп.

Көңүлдөр эми тынаарда,
Көк теңир үнүн угаарда.
Көчкү алып кетти түгөйүн,
Көксөгөн бетке чыгаарда.

Аз гана берген үлүшүн,
Армандуу азап сүйүүсүн.
Качырган куштай жоготту,
Колунда турган үмүтүн.

Апачык туруп бузулду,
Асманда күн да тутулду.
Айылды каптап топон суу,
Айбаттуу дабыш угулду.

Көк теңир берип ырайым,
Кудайга үнү жетиптир.

Көк көйнөк кийип түстүү,
Кейкапка өтүп кетиптир.

Ачпастан такыр азасын,
Аздектеп сүйүү тазасын.
Көк көйнөк келин ошондон,
Көмүскө улай жашашын.

Дайыма эстеп жаш жарын,
Тараса олоң чачтарын.
Жан чыдап тургус ыйынан,
Жаадырат жайда ак карын.

Буулуккан келин ыйынан,
Булактын башы муз болуп.
Алаамат каптайт ашууну,
Асмандап учкан куш тоңуп.

Болуп бир турган сапарда,
Болжолу айнып жол болбой.
Каарына калган пенделер,
Калышат такыр соо болбой.

...Жазылган чачы өрүлүп,
Жамалы нурдай төгүлүп.
Жандилин берген адамга,
Жаш жууган жүзү көрүнүп.

Көк көйнөк келин жашайт дейт,
Көк жалтаң муздуу аскада.
Эң албуут ашуу конуптур,
"Көк-Арт" деп калган атка да.

... Көк-Арттын жүрсө шамалы,
Көрсөтпөй жанга караанын.
Көп эстейм айткан карылар,
Көк көйнөк келин жамалың.

## КЕЛИН ТАШ

***(Легенда)***

Көкөй кескен тээ байыркы чактагы,
Коңур күздө бүтүн аймак сапсары.
Артта куугун. Баратышкан алты атчан,
Кан-Ашууда Тогуз-Торо жактагы.

Шырдакбектин боз жоргосу мүргүгөн,
Таш кыядан өтөөр кезде бүрүлдө.
Өксүй түшкөн асемделүү тор жорго,
Түшүп кетти мөңгү астына күбүргө.

Аянычтуу а-а-а! -деген бир үн чыгып,
Аска, зоолор аны коштой кыйкырып.
Кайрымы жок, оопасы жок ошол саам,
Дүйнө азга дем ала албай тумчугуп.

... Ашыктардын жолун кимдер тоспогон,
Арман дүйнө, тагдыр дайым коштогон.
Каныш анда качып чыккан антташкан,
Жигит менен төрт жолдошу коштогон.

Турса дагы акыл жетип, көз көрүп,
Тагдырынын же төгүлүп, бөксөрүп.
Калаарлыгын туйган менен өмүрдүн,
Артык көргөн азаттыкта өткөнүн.

Андан бери тоолор канча жасанып,
Андан бери күздөр өттү сапсары.
Оопасыз бир ошол күндөн кыя таш,
Келет дешет "Келин-Таш" деп аталып.

... Сырын айтып, баарлашып көк менен,
Айлуу түндө коңур салкын кеч менен.
Каныш кыздын муңдуу, мукам добушу,
Угулат дейт ашыгына жетпеген.

## Т Ү З Ү М Ү

ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИЙГИЛИК КААЛАЙМ ...... 3

**ТУУЛГАН ЖЕР ЖӨНҮНДӨГҮ ЫРЛАР**

Көк-Артым ........................................ 4
Ала-Тоом ........................................ 5
Калмак-Кырчын ........................................ 5
Сары-Булак ........................................ 7
Тоолорум ........................................ 7
Ничке-Сай ........................................ 8
Көк-Арт менен сырдашуу ........................................ 10
Саймалуу-Таш ........................................ 13

**АШЫКТЫК ЫРЛАРЫ**

Чу, жаныбар! ........................................ 15
Жазгы кайрыктар ........................................ 16
Экөөбүздү күткөн чыгаар ак кайың ........................................ 18
Сага ........................................ 19
Кыздар ........................................ 20
Гүлжарым ........................................ 21
Шыктандырат ........................................ 22
Көлдүк келинге ........................................ 22
Көктөмдү күт ........................................ 23
Сүйүүнүн болдум карыбы ........................................ 24

Мени эстээрсиң .......................................... 24
Кошуна кыз .......................................... 25
Кел жаным .......................................... 26
Махабатка сыйынуу .......................................... 27
Көпөлөк .......................................... 28
Эңсөө .......................................... 29
Жетпей калган махабат .......................................... 29
Жазып бүтө элекмин .......................................... 30
Жат көздөрдөн кызганам .......................................... 31
Бир өзүң деп атаган .......................................... 32
Өзүң үчүн .......................................... 33
Сен кетпейсиң оюмдан .......................................... 34
Кара көз .......................................... 34
Биз кимбиз .......................................... 36
Кездешүүнү эңсетип .......................................... 36
Бой келин .......................................... 37
Алган жарга .......................................... 38
Өкүнөм .......................................... 39
Баары сен .......................................... 39
Анда да кыш болчу .......................................... 40
Сүйүү тууралуу баллада .......................................... 40
Жеңелер .......................................... 42
Айыл балладасы .......................................... 43

**АР КЫЛ ЫРЛАР**

Сагынычым, апам .......................................... 46
Силер менен .......................................... 47
Бактымды ырлар менен тапкым келет .......................................... 47
Илегилек .......................................... 48
Көк-Арт ата өбөк болсун жаныңа .......................................... 50
Дил кайрык .......................................... 52
Апама .......................................... 52
Агаларга таазим .......................................... 54
Жаркырай берсин жылдызың .......................................... 56
Миң ашык .......................................... 58

Жашыл жазга окшотом .......................... 59
Таазим .............................................. 60
Баары жашыл ...................................... 61
Ырдан сага тургузаармын эстелик ............ 63
Кырк алтынчы күз ................................ 66
Кекиликтин ыры жана ыйы ..................... 68
Кусалык .............................................. 70
Кош бол менин жан курбалым,
кайраным! ........................................... 71
Комуз жана кыяк ................................. 72
Жазым, келчи ...................................... 73
Январь кечи ........................................ 74
Манас жана Саякбай ............................. 74
Тал жана булак .................................... 75
Бүркүттүн арманы ................................ 76
Жашыл арча ......................................... 76
Ойлон, Адам ........................................ 78
Бар болгула, карылар ........................... 79
Токой көркү ......................................... 80
Ак куулар келишпеди ............................ 81
Кызыл бороон ....................................... 82
Комуз .................................................. 82
Жылдызым ........................................... 83
Аталар ................................................ 84
Ырда, Айнагүл! .................................... 84
Салыштыруу ......................................... 85
Иниме ................................................. 86
Кутман карыларым ............................... 86
Кыя албастан тумарын .......................... 88
Уаш хандын урпагы .............................. 89
Балалыктын элеси ................................ 91
Ак батасын берсин Сузагың .................. 93
Кыргыз тоолору ................................... 95
Балалыкка кайрылуу ............................. 95
Жалгыз турна ...................................... 97
Өмүр балладасы ................................... 99
Булбул ................................................101

Жер көчкү алааматы ........................ 102
Барпыга ........................ 103
Бешик той ........................ 104
Жалгыздыктын ырлары ........................ 106
Жазалычы жаңы ыр ........................ 107
Жаштык ........................ 107
Өксөп ыйлайт теректер ........................ 109
Үмүт менен жашайт пенделер ........................ 110
Ойлор бийлейт сезимди ........................ 111
Шамал согот айдарым ........................ 111
Бир тагдырдан көрөлү ........................ 113
Айдана ........................ 114
... Келет жанып ........................ 115
Келчи аткан таң менен ........................ 116
Кагылайын куштарым ........................ 117
Абдан кыйын ........................ 118
Уулум Жайдарбекке ........................ 119
Көрүнүп кой ........................ 120
Туйбаптырмын ........................ 120
Жаштыгымды издеп келем ........................ 121
Кеткиң келет жер кезип ........................ 121
Өзүң менен бир өтсүн ........................ 122
Жайлоо түнү ........................ 123
Өксөсөң келбейт өткөнүң ........................ 124
Кош бол, жаштык ........................ 124
Апакеме кайрылуу ........................ 125
Бар болгун баарыбызды кубандырып ........................ 127
Жакшы сөз ........................ 128
Биз жолуккан өрүкзар ........................ 129
Алп талантка таазим ........................ 130

**ЛЕГЕНДАЛАР**

Көк-Арт баяны ........................ 132
Келин таш ........................ 135

САЛБАРОВ РЫСБЕК

# ӨМҮР БАЛЛАДАСЫ

*Ырлар жана легендалар*

Корректору *Көчкөнбай Төрөкулов*
Компьютердик калыптоочу
*Табылды Жанызаков*

Терүүгө 20.08. 2010-ж. берилди.
Басууга 13.10. 2010-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Форматы $60x84^1/_{16}$. Көлөмү 8,75 б.т.
Заказ № 32. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары, Индекс 720011
«Полиграфбумресурсы» басмасы,
Суйүмбаев көчөсү 144/23
Тел.: 98-22-68



Рысбек Салбаров Токторбай уулу – кесиби боюнча мугалим. Көп жыл журналист болуп иштеген. Адабий чөйрө аны акын катары тааныйт.
Басмадан жарык көрүп жаткан жыйнагы – экинчи китеби. Дагы үч ыр жыйнагы басмага даяр.
«Ашуудагы издер» аттуу повести алгачкы жарык көргөн китеби.